Эмпирикалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, мектеп директорлор мугалимдердин билим берүүсүнүн натыйжалуулугуна жана окуучулардын сабактарга бүт жан дүйнөсү менен  катышуусуна тийгизген таасири аркылуу түздөн-түз келечектеги жетишкендиктери таасир берет (Hallinger & Heck, 1996; Heck & Hallinger, 1999; Leithwood, 1994; Prestine & Nelson, 2005). Мектеп директорлору окуучулардын жетишкендигине түздөн-түз түрдө оң таасирин тийгизет деген маанилүү далилдер бар (Woods, 2012). Мектеп директорлор мектептин кызыкдар тараптарына, мектептин көз карашына жана максаты, миссиясына, мектептин уюштуруу структураларына, кесиптик бирикмелерге жана мектеп маданиятына тийгизген таасири аркылуу окуучулардын окуусуна жана билим алуусунун натыйжалуулугуна кыйыр түрдө таасирин тийгизет (Hallinger & Heck, 1996). Бул изилдөө айыл мектеп директорлорунун жаңы дайындалган кездеги көйгөйлөрү тууралуу маалыматтуулугун жогорулатуу жана айыл жергесиндеги мектеп директорлоруна окуучулар, мугалимдер жана башка мектеп директорлору менен натыйжалуу мамиледе болуусуна жардам берүү максатын көздөйт. Айыл жергесиндеги мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөрдү түшүнүү, алдын ала чараларды көрүү жана талапкер мектеп директорлоруна жол көрсөтүү жагынан үлгү боло алат. Айыл мектеп директор талапкерлер үчүн туш боло турган

көйгөйлөр боюнча, бул изилдөө Кыргызстанда биринчи жолу жүргүзүлүп жаткандыктан, башка изилдөөчүлөр үчүн үлгү катары маанилүү деп эсептелинет. Бул изилдөө келечектеги изилдөөлөр үчүн маалымат булагы боло алышы менен дагы маанилүү болуп саналат.

### 1.5 Гипотезалар

1. Изилдөөгө катышкан адамдар интервьюда берилген суроолорго эч кандай таасир же кысымга кабылбастан өз ойлорун билдирүү менен жооп беришкени,
2. Катышуучулардын белгиленген суроолорго берген жооптору чындыкты чагылдырат деп божомолдонот.

### 1.6 Диссертациялык иштин масштабы

Бул изилдөөнүн маалыматтары

1. 2023-2024-окуу жылындагы,
2. Өлчөө куралындагы билгиленген суроолор,
3. Жалал-Абад облусунун айылдарындагы мектептерде иштеген мектеп директорлору менен чектелет.

### 1.7 Аныктамалар

***Билим берүү***: Бул муундар аркылуу алынган билимдерди окуучуларга берүү процесси (Willingham, 2013).

***Мектеп:*** Жайгашкан чөйрөнүн керектөөлөрүн эске алуу менен мамлекеттик максаттарга ылайык директорлор, мугалимдер, окуучулар, башка кызматкерлер жана окуучулардын ата-энелеринен турган бардык техникалык жабдуулар менен жабдылган бирикме. (Toprakçı, 2002).

***Мектепти башкаруу:*** Бул мектепти максаттын негизинде, мамлекеттин максаттарына ылайык жогорку деңгээлге жеткирүү үчүн иштеген мектеп директору жана директордун орун басарлары тарабынан түзүлгөн башкаруу командасы (Bursalıoğlu, 2013).

***Мектептин директорлору***: Улуттук билим берүү тармагындагы жогорку жетекчиликтин жоболорунун, программаларынын жана буйруктарынын чегинде

мектептин бардык иштерин башкарууга, уюштурууга жана көзөмөлдөөгө ыйгарым укук берилген, баалоо үчүн жооптуу инсандар (Şişman & Turan,  2004).

***Мугалим:*** Класстын ичинде окуучуларга үлгү болуу, классты жана окуу процессин уюштуруу, окуу менен окутууну ишке ашыруудагы негизги аныктоочу инсан (Şişman, 2013).

***Көйгөй:*** Адам баласыны колунда болгон зарыл каражаттардын  негизинде чечүү үчүн адам тарабынан кабыл алынган кырдаал.

# БИРИНЧИ БӨЛҮМ

# МЕКТЕП БАШКАРУУЧУСУ: ТЕОРИЯЛЫК НЕГИЗДЕР ЖАНА АДАБИЯТТАРДЫН ТАЛКУУЛАНЫШЫ

## 2.1. Билим берүү

Билим берүү адам баласынын психикалык, эмоционалдык, социалдык, экономикалык жактан алардын жөндөмдүүлүктөрүн жана коомдогу жүрүм-турумун каалаган багытта калыптандыруу менен өнүктүрүү же болбосо керектүү болгон максаттарга ылайык инсанга жаңы билим жана жүрүм-турум көндүмдөрүн ыйгаруу. Билим берүүнүн негизги максаттарынын бири–өсүп келе жаткан муундардын жана жаштардын дени сак, ой-жүгүртүүсү жогорку деңгээлде жана коомго салым кошуусун камсыз кылуу аларга эффективдүү ыңгайлашууга жардам берүү болуп саналат.  Бул максатта биздин муундун кызыкчылыктары жана жөндөмдөрү билим берүү аркылуу толук түрдө өнүктүрүлөт жана алардын жүрүм-туруму билим берүүнүн максаттарына ылайык өзгөртүлөт. Билим инсанга билим жана көндүмдөрдү берет. Мындан тышкары, нарк коомдун жашоосун жана өнүгүшүн камсыз кыла ала турган деңгээлде болгон баалуулуктардын сакталышын камсыз кылуу, эски жана жаңы баалуулуктарды айкалыштыруу сыяктуу (Varış, 1994). Билим аркылуу адамды азыркы жана келечектеги жашоосуна даярдоо менен бирге, өлкөнү өнүктүрүү жана өнүктүрүүнү камсыз кылууга багытталган (Başaran, 1982).

## 2.2. Билим берүү системасынын структурасы

Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы төмөнкүдөй үч түрдүү билим программаларынан турат.;

- Мектепке чейинки мекемелердин атайы билим берүү программалары
- Окуучуларды жалпы маданиятын өстүрүүгө, кесипке ээ болууга жана ар тараптуу жогорку деңгээлде билимге ээ болуусуна негиз түзүүчү жалпы билим берүүчү программалары.
- Ар тараптуу адистерди даярдап ошону менен бирге кесиптик деңгээлин ыраттуу өнүктүрүүнү камсыз кылуучу кесиптик билим берүү программалары.

  Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын жалпы структурасын төмөнкү таблица аркылуу мүнөздөп көрсөтүүгө болот. Жалпы орто билим

берүүчү мектеп 3 баскычтан турат жана баланын 7-18 жашка чейинки мезгилди камтыйт. Жалпыга милдеттүү билим берүү бардык балдар үчүн милдеттүү жана мамлекеттик мекемелерде акысыз жүргүзүлөт.

1- *Баскыч: Башталгыч билим берүү 4 жылдык.* Расмий түрдө 7 жаштан башталат, бирок көпчүлүк балдар бир жыл эрте барышат.
2- *Баскыч: Негизги орто мектеп.* Экинчи баскыч өз ичине 5-9 класстарды алат. Жалпы билим буруүнүн өз алдынча структурасы болуп саналат. Бул баскычты бүткөндө 9 жылдык билим алгандыгы тууралуу окуучуга мамлекеттик үлгүдөгү документ берилет жана билимин өз эркине жараша мектепте 10-11 класстарда же кесипчилик техникалык мектептерде окуу укугуна ээ болушат.
3- *Баскыч: Толук орто мектеп.* Бул баскыч өз ичине 9-10-11 класстарды камтыйт. Жалпы орто билим берүүнүн жыйынтыктоочу этабы болуп эсептелинет.

**Мектеп-гимназия:**

Мектеп бүтүрүүчүлөргө ар тараптуу жогорулатылган билим берүүнү максаттаган мекеме. Анда жогорку деңгээлдеги окуу план-программанын негизинде 5-11-класстын окуучулары билим алышат.

**Мектеп-лицей:**

Жогорку класстарды 9-10-11 класс окуучуларына айрым предметтер боюнча тереңднтилген билим берүү, башка жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган мекеме.

**Мектеп- комплекстер:**

Бул бала бакча, гимнация бар массалык мектеп, музыкалык борборлор, ошону менен бирге колледждер, жогорку окуу жайлар менен бирдиктүү структурадагы мектептерди өз ичине камтайт.

**Профил мектеп:**

Эреже катары тигил же бул предметти адистештирип, тереңдетип окуткан мектеп.

**Автордук мектеп:**

Бул башка окшош жалпы мектептерден айырмаланып программа менен иштеген билим берүү мекемеси болуп саналат. Мындай мектептердин башында заманбап мунөздөгү педагогикалык концепциясы бар, аны иш жүзүнө ашырууга бүт коллективди көндүрө алган лидер педагог (мектеп директор, жетекчи) турат.

**Мектеп –эксперименталдык аянтчалар:**

Бул эксперименталдык режимде иштеген инновациялык мектептер. Эксперимент, эреже катары жаңы бир инновациялык мектептин моделин түзүүгө, же окутуунун жаңы технологияларын сыноодон өткөрүүгө багытталган билим берүү мекемеси.

Кыргызстандын таалим-тарбия системасын заманбап технологиялар менен өркүндөтүүнү көздөп иш жүргүзүп келе жаткан билим берүү мекемелеринин бири бул “Сапат” – Кыргыз Түрк лицейлери**.**

**Жогорку кесиптик билим берүү:**

Жогорку билим берүү университет, академия, институт, коледждерде ишке ашат. Жогорку окуу жай катары университет дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде кеңири тараган.

**Академия:**

Жогорку билим берүү программасын, илимий изилдөөлөрдү ишке ашырат жана илимий- методикалык борбордун милдетин аткарат.

**Институт:**

Бул өз алдынча же болбосо кандайдыр бир университеттин, академиянын курамында ачылган жогорку билим берүүчү мекеме.

Кыргыз Республикасында жогорку билим берүү төмөнкүдөй эки структурасы бар:

- Көп баскычтуу жогорку билим,
- Салттуу, үзгүлтүксүз кесиптик жогорку билим.

### 2.3. Билим берүүнүн башкаруусу

Билим берүү башкаруусу бир калыпта турган эмес, дайыма өнүгүп-өсүп, жаңылууларды кошуп турган кесип. Билим берүү жетекчилиги– бул абдан кеңири тармак болуп саналат. Биздин билим берүү системасынын борбордук уюмдарынын

жана жергиликтүү деңгээлдеги уюмдардын жетекчилиги, мектептердин жетекчилиги жана билим берүү кызматын көрсөткөн жетекчилер ушул сыяктуу ао кандай деңгээлдеги башкаруу иштерин жана иш-аракеттерин жүргүзүшөт. (Keskinkılıç-Kara, 2007). Билим берүү жетекчилиги – бул мектепти башкарып жетектөөнү да камтыган тармак. Билим берүүнү жетектөө менен башкаруу жана билим берүү системасына мектеп жана мектеп башкаруусу да кирет (Şişman, 2012). Билим берүү жетекчилиги билим берүү тармагындагы чечимдерди кабыл алуу жана максаттарга жетүү үчүн иш алып барат. Бул иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда билим берүү жетекчилиги башкаруу системасынан жана принциптеринен жардам алышат (Kaya, 1984). Билим берүүнү башкарууда көптөгөн милдет, принциптер каралат. XI съезд 1982-жылы уюштурулган Улуттук билим берүү кеңешинин сунуштарына ылайык, билим берүү директорунун аныктамасы жана милдеттери төмөнкүдөй: Билим берүү директору - ар кандай деңгээлдердеги билим берүү кызматтарын башкаруу үчүн жетиштүү болгон билим, теория жана практика боюнча даярдалган эксперт (Başaran & Çınkır, 2011). Дагы бир башка көз карашты көңүл чордонуна алганыбызда, билим берүү жетекчилиги инсанды кайра калыптанып өнүктүүрү аркылуу коомдун келечегин көзөмөлдөө аракети деп кароого болот. Билим берүү жетекчилиги башка башкаруу тармактарынан өзүнүн уникалдуу өзгөчөлүктөрү жана сапаттары менен айырмаланат (Oktay, 2009).

### 2.3.1. Айылдык мектептерде билим берүү

Айылдык билим берууну жакшыртуу боюнча маанилуу демилгелердин бири мекемелердин жакшыртуу, айылдык мектептерди заманбап технология менен камсыз кылуу ошону менен бирге айыл жергесинде иштеген мектеп директорлор менен мугалимдердин билим деңгээлине, тажрыйбаларына көңүл буруулу менен биргеликте мектеп директор жана мугалимдердин карьералык өнүгүүсүнө шарт түзүлүшү болуп эсептелинет.

### 2.3.2. Мектепти башкаруу

Билим берүү башкаруусу менен мектеп башкаруусунун ортосунда айрым көйгөйлөр жана айырмачылыктар бар. Билим берүү башкаруусу системага таянып иш алып барса, мектеп жетекчилиги мектеп деңгээлинде топтолгон көйгөйлөр менениш алып барышат. Тактап айтканда, билим берүү башкаруусу билимге

макродеңгээлдин көз карашынан мамиле кылат, ал эми мектеп жетекчилиги билим берүүгө микродеңгээлдин көз карашынан карайт (Erdoğan, 2010). Мектеп билим берүү системасынын эң четинде орун алган. Мектепти башкаруунун негизги максаты – мектеп жамаатын арасында биримдигин түзүү жана мектепти билим берүүнүн максаттарына ылайык иш алып баруу. Мектептин ресурстарын камсыз кылуу жана бириктирүү аркылуу башка жетекчилер менен бирге мектептин максаттарына жетүү үчүн аракет кылуу мектеп башкаруусунун негизги милдети. Мектептердин ар кандай муктаждыктарын жана адам ресурстарын табуу жана пландуу билим берүү кызматтарын өндүрүүнү камсыз кылуу мектеп директорлорунун милдети. (Şişman, 2012).

**2.3.3. Дүйнөдө мектеп башкаруусу**

Бардык европалык өлкөлөрдө мектеп директору болууну каалагандарга расмий талаптар бар. Көпчүлүк өлкөлөрдөгү иш тажрыйбасы кызматка дайындоонун негизги шарттардын бири ошону менен бирге кошумча талаптар коюлат.

Кээ бир өлкөлөрдө мектеп директору болуш үчүн мугалимдик иш тажырыйбадан тышкары башкаруучулук билимин алуу зарыл. Европанын 23 өлкөсүндө директорлорго үзгүтүксүз кесиптик билим алуу милдеттүү.

Япониядагы мектеп директорлору окутуу көйгөйү менен иш алып барбайт. Өлкөдө мектеп директорлору өз убактысынын эң көп бөлүгүн мектептин административдик жана күнүмдүк ишинин алкагында өткөрүшөт. Окшош жумуштар менен алек болуудан качышат. ((Hillman, 1992).

Англияда мектеп директорлору мугалимдик жоопкерчилик, милдеттерден толук түрдө же болбосо жарым-жартылай бошотулган. Бул көрүнүш мектеп мугалидер, окуучуларынын санына, окуу программалары жараша өзгөрүгө дуушар болуп турат. Мисалы, 14 же андан көп класстык бөлмөсү бар мектепте директор мугалимдик жоопкерчилик, милдеттен толугу менен бошотулат. Бул мектептерде мектептин директорлору, башка мектептер, мекемелер жана ата-энелер менен өз ара байланыш уюштуруу аркылуу, мугалимдер менен иш алып барууга жооптуу болуп саналат (Eurodice, 2005). Көрүп тургандай мектеп директорлору дайындалган милдет жана жоопкерчиликтери өлкөлөр арасында ар кандай айырмачылыктарга ээ болушу мүмкүн. 1990-жылдарга чейин мектептин ийгилиги мектеп администрациясынан, мугалимдерден, ата-энелерден жана окуучулар

менен бөлүшүлгөн жоопкерчилик катары жүктөлсө, бүгүнкү күндө мектеп жана окуучулардын ийгилиги мектеп директорунун жоопкерчилигине жүктөлгөн.

### 2.3.4. Кыргызстанда мектеп башкаруусу

Кыргызстандын билим берүүсүндө мектеп директоруна атайын бекитилген талаптар жок. Азыркы учурда Кыргыз мамлекети тарабынан кесибине так жана түшүнүктүү болгон мектеп директорун дайындоо же болбосо кесаиптик тажрыйбасын жогорулатуу боюнча мамлекеттик туруктуу саясат керек деген ойдомун.

*Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарында жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорунун конкурстук тандоо системасы:*

Жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорун конкурстук тандоо билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорунун конкурстук тандоонун тартиби жөнүндө жобого ылайык «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук билим берүү сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар борбору» мекемеси тарабынан борборлоштурулган негизде жүргүзүлөт;

– жалпы билим берүү уюмдарынын директорлорун дайындоо конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча иш берүүчүлөр тарабынан 5 жылдык мөөнөткө жүзөгө ашырылат;

– конкурстук тандоо жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилеринин бош кызмат орундарына, ушул жарлык күчүнө кирген күнгө карата 5 жылдан ашык иштеген жетекчилердин кызмат орундарына өткөрүлөт;

– кызмат ордунда 5 жылдан ашык иштеген жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери ушул Жарлык күчүнө кирген күндөн тартып ээлеген кызмат ордунан бошотулду деп эсептелет, иш берүүчүнүн чечими боюнча жаңы жетекчи дайындалганга чейин өзүнүн ыйгарым укуктарын убактылуу аткара алат жана жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна белгиленген квалификациялык талаптарга ылайык башка талапкерлер менен катар жалпы негиздерде жалпы билим берүү уюмунун жетекчисинин кызмат ордуна конкурстан өтүүгө укуктуу.

### 2.3.5. СССР мезгилинде мектеп башкаруучусу

Кыргызстанда да союз мезгилинин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин базасында мектеп директорунун кесиптик чеберчилигин жогоруулатуу боюнча атайын иш аракеттер ишке ашырылган. Кыргызстанда ушул мезгилге чейин мектеп директоруна атайын башкаруучулук билим даярдаган эмес, ошол себептен мектеп директорун даярдоо атайын факультеттерге жүктөлгөн.

Факультет Кыргызстанда биринчи жолу 2 айлык жалпы билим берүүчү мектептердин жетекчилерин өндүрүштөн сырткары биринчи жолу 5 жыл сайын өткөрүүнү баштаган. 17 жыл ичинде 6000 ден ашык мектеп директорлору ошону менен бирге мектеп директорлорунун орун басарлары окуп бүтүрүшкөн. Бул жыйынтыктын 80% айыл жергесиндеги мектеп директору жана мугалимдери болгон.

### 2.3.6. Эгемендүүлүктөн кийинки мектеп башкаруучусу

Кыргызстанда билим берүү институту 1992-жылы эгемендүүлүктүү алгандан кийин түзүлгөн. Институт түзүлүшү менен мектеп директорлорунун кесиптик чеберчилигин жогорулатууга көңүл бурула баштаган. Директордун кызмат ордуна пенсия курагына жете элек, жогорку педагогикалык билими 7 жылдан кем эмес педагогикалык иш стажы бар адам дайындалат. Директор 72 сааттык үзгүлтүксүз билим берүү жана 3 жылда бир жолу окуудан өтүшү керек. Жалпы билим берүү уюмуна түздөн-түз жетекчиликти директор жүзөгө ашырат. 7 жылдык педагогикалык стаж 5 жылга түшүрүлгөн. 2011-жылдын 12-сентябрындагы титүү Жобого мектеп жетекчилерин ротация кылуу Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт деген өзгөрүү киргизилген.

### 2.3.7. Мектеп башкаруучусу

Эрдоган (2004) мектеп дирекорлору- белгилүү бир максатта чогулган адамдардын билим берүүгө болгон иш аракеттерин башкаруу жана максатка жетүү үчүн жооптуу адам. Бардык жалпы билим берүүчү мектептери бар болгон менен өздөрүнө жараша өзгөчөлүктөргө ээ. Анын ишмердүүлүгүн көп кырдуу: мектепке коюлган милдеттерди аткаруу, окуучуларды, мугалимдерди жалпы мектепти башкарат, мектепте окуу-тарбия процессин ишке ашырат, мектеп администрациясын жетектейт, окуу прцессин уюштурат, ата-энедерлер менен

жакын мамиледе болуу, ар бир мугалим, окуучунун өнүгүшүно шарт түзүү ущул сыяктуу иштер менен алек болот.

Мугалим методикалык чеберчилигин жогорулатуу максатында анын сабактарына директоп менен мугалис күн сайын катышып турушат. Мугалимдер менен бирге сабактарды талдап чыгат. Мугалидин сабактарына директордун катышуусу мектептин ички иштерине контролдук кылуу менен, алардын методикалык чеберчилигин жогоруулатуугада багылталган. Мектептин иш планында билим берүүгө комплекстүү мамиле кылуу каралган.

**2.3.8. Айыл шартында мектеп директору**

Биринчиден, каалаган деңгээлде билим берүү үчүн мүмкүнчүлүк жана мүмкүнчүлүк теңдигин камсыз кылуу аркылуу билим берүүнү бекемдөө. Экинчиден, Кыргызстандын кайра өнүгүүсү жана экономикалык кайра жаралуусу үчүн айыл тургундарынын жаңы, заманбап билим алуу жана техникалык көндүмдөр менен жабдылышын камсыздай турган билим берүү зарыл болуп калды. Айылга көрсөтүлүп жаткан ар кандай кызматтардын ичинен билим берүү кызматынын орду жана мааниси артыкчылыктуу болуп, квалификациялуу жана толук билим негизге алынган. Аймактын экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүшүнө, өзгөчө айыл жеринде жашаган элге эффективдүү жана аң-сезимдүү салым кошо турган саясат жүргүзүлүүсү керек.

**2.3.9 Мектеп башкаруусунун мааниси**

Бүгүнкү күндө мектеп директорлоруна өтө олуттуу милдеттер жүктөлгөн. Мектептин жетекчилигинин ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери мектепти башкаруунун маанисин жогорулатат. Билим берүү тармагынын ийгилиги мектептин ийгилигинен көз каранды экендиги да мектеп жетекчилигинин маанисин арттырат. Мектепти башкаруу канчалык жакшы болсо, билим ошончолук жакшы болот (Balcı & Aydın, 2003).

Мектеп директорлорунун (жетекчилигинин) милдеттери көп. Бул жагдайда мектеп жетекчилигинин негизги милдети мектепти сактап калуу жана анын белгиленген максаттарына ылайык өнүктүрүү болуп саналат. Мектеп директорлорунун жана жардамчыларынын милдеттери, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери тиешелүү ченемдик укуктук актыларда көрсөтүлгөн (Taymaz, 2011). Мектеп

директору белгиленген талап, максаттарга жетүү үчүн мектептин мугалимдик уюмун кызматкерлерди ошону менен бирге материалдык ресурстарды башкарат, колдонот жана көзөмөлдөйт. Мындай учурда мектеп директору уюмдун ичинде жана тышында ар кандай көндүмдөрдү жана кызыкчылыктарды айкалыштырышы керек. Бул илимий координациялоо күчүн талап кылат (Bursalıoğlu, 2012).

### 2.3.10. Мектеп башкаруусунун милдеттери

Мектеп директору мектепти өз максаттарына ылайык сактап калуусу ошону менен бирге мектептин билим деңгээлинин ийгилиги жана үзгүлтүксүздүгү белгиленген максаттарга жетүү даражасы мектеп директорунун милдеттерине көз каранды (Taymaz, 2011). Мектептин максаттарына жана муктаждыктарына ылайык, аны сактап турган мектеп директору чечимдерди кабыл алышы жана аларды иш жүзүндө колдонуу, пландарды түзүү жана пландарды аткаруу, уюштуруу иш-чараларын жана изилдөөлөрдү жүргүзүү, анын иштешин камсыз кылуу үчүн кызматкерлер менен кызматкерлердин ортосундагы байланышты түзүшү шарт.

Билим алуу, адам баласы өзүн жана чөйрөсүн таануу, өзү жана чөйрөсү менен өз ара байланышта болуу, кесипке ээ болуу сыяктуу негизги муктаждыктар. Мектептер бул муктаждыктарды канааттандырууну камсыз кылган мекеме. Мектептер бул муктаждыктарга жооп бериши үчүн, аларды максаттарына ылайык башкаруу милдеттин өз жоопкерчилигине алат (Keskinkılıç, 2007). Мектеп директорунун күн сайын кабылышы мүмкүн болгон көйгөйлөр болушу мүмкүн жана аларга жараша аткара турган милдеттери бар. Бул милдеттер ар тараптуу жана ар түрдүү болушу мүмкүн. Мектеп жетекчилеринин милдеттерине байланыштуу даярдалган расмий документтерден табуу мүмкүн эмес. Ар бир өлкөнүн экономикалык, саясий жана социалдык өзгөчөлүктөрүнө жараша өзгөрүшү мүмкүн болгон бул милдеттер кээ бир жагынан айырмаланышы мүмкүн. Азыркы мезгилдин талабына жараша өзгөрүлүп жаткан муктаждыктар жетекчилердин милдеттери, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери ченемдик укуктук актылар менен дайыма жаңыланып турат.

## 2.4. Мектеп башкаруучусунун жоопкерчилиги

Азыркы учурда билим берүү тармагында мектепти директор башкарат деген түшүнүк кеңири тараган. Мектеп директору адамдык жана материалдык ресурстар менен камсыз кылат жана багыт берет. Мектептин чоң кичине болушу

башкаруунун мектеп директорунун принциптерине таасир этпеши керек. (Taymaz, 2011).

Бүгүнкү күндө замандын талабына жараша мектеп директорлорунун милдеттери, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери мурункуга караганда татаалыраак. Анткени коомдун мектеп директорунан күтүүсү жана мектеп окуучуларга эмне бериши керектиги убакыттын өтүшү менен замандын өзгөрүшү менен өзгөрдү. Мектепти башкарууда директорлордун жоопкерчилиги гана эмес, алардын мааниси да жогорулайт. Освальддун айтымында,мектеп директору; Алар мектеп программалары, башкарууну бөлүшүү жана аймактык чечимдерди кабыл алуу сыяктуу тармактарда көбүрөөк ыйгарым укуктарга жана жоопкерчиликтерге ээ (Keskinkılıç, 2007).

Технологиянын өнүгүүсү менен маалымат доорунда билим берүү мекемелери салттуу ыкмалардан арылып, заманбап ыкма менен иштеши керек. Мектептерди заманбап ыкма менен башкарууда жана иштетүүдө мектеп директорлорунун алдында чоң жоопкерчилик. Мектеп директорлору жоопкерчилик сезими жогорку деңгээлде болуп иш алып барып, мектепти ушул жоопкерчиликти түшүнүү менен башкарса, мектепти башкаруудагы көйгөйлөрдүн азайышына чоңжардам берет. Бул учурда мектеп директорлоруна энергия, кайрат, чыдамкайлык, түшүнүк жана кенен маданият керек болот. Мектеп директору өзүн жетишсиз сезгенде айланасындагылардан кантип пайда алаарын билиши керек (Memduhoğlu, 2007: 95). Анткени билим берүү системасында мектеп директору билим берүү программалардын ишке ашырылышы жана өнүгүшү үчүн биринчи кезекте жооптуу (Agaoğlu, Gültekin & Chubukçu, 2002).

### 2.4.1. Мектеп башкаруучусунун квалификациясы

Мектеп директорунун квалификациясы, милдеттери жана жоопкерчиликтери жана алардын чечимдерди кабыл алуу процессиндеги ар тараптуу эффективдүүлүгү билим берүү системабызды башкаруунун эң негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат. Билим берүү жана мектеп директорлору коомдук максаттарга жетүү жана жеке таланттарды алуу сыяктуу маселелер үчүн негизги жоопкерчиликтүү адамдар. Мектеп директорлору өз милдеттерин толук аткарып, ыйгарым укуктарын

адилеттүү пайдалануу үчүн өз алдынча да, башкарууда да адистешүүсү шарт (Mozakoğlu, 2000).

Мектептин директору мектепти жана мектептеги ар бир жагдайды эң жакшы деңгээлде анализдей билүүсү керек. Директор дайыма айланасындагы адамдарга таасир этип, бул таасир күчү менен мектепти мобилизациялай алышы керек. Бирок айланасындагы адамдарга белгилүү бир жолдор менен гана эмес, ар кандай кырдаалдарга жараша ар кандай жолдор менен да таасир этиши керек (Erdogan, 2010).

Мектептин директору биринчи кезекде өзү башкарып жаткан мектеби же болбосо мекемеси үчүн көз карашын так аныктап алышы керек жана мектептин бул көрүнүшүнө ылайыктуу өзгөчө аң-сезимге жана түшүнүккө ээ болушу зарыл. Бул аң-сезим жана түшүнүү менен мектепте иштеген бардык мугалимдер жамаатынын жана башка кызматкерлердин чыгармачылык күчтөрүн мобилизациялай алышы керек (Erdogan, 2010).

Жогорку деңгээлге ээ болгон мектеп директору - бул көп иштеген, билими жогору же көп иштеген адам эмес, мектепти, мектеп коомун камсыздап, жакшы адамдарды жумуш менен камсыз кылган адам (Oktay, 2009).

Мектептин директору инсандар аралык жана группалар аралык байланышты кылдаттык менен көзөмөлдөө менен, бул боюнча өзүн-өзү өркүндөтүү иштерин жүргүзүшү керек. Бул үчүн биринчи кезекте социалдык психология, топтун динамикасы жана топтор боюнча жүргүзүлө турган изилдөөлөр жөнүндө билимге ээ болуу керек (Bursalıoğlu, 2012). Башкаруу тармагында компетенттүү болгон директор өз милдетин жоопкерчилигин ийгиликтүү улантуусуна калыптанышына жол ачат.

### 2.5. Мектеп башкаруучусу туш болгон көйгөйлөр боюнча изилдөөлөр

Karakose (2014) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөнүн эң негизге максаттарынын бири мектеп директорлорунун кызматтык милдеттеринин алгачкы жылдарында кездешкен көйгөйлөрдү аныктоо жана бул көйгөйлөргө директорлордун көз караштарына ылайык чечимдерди табуу болуп саналат. Изилдөөнү изилдөөдө сапаттык изилдөө ыкмасы колдонулуп, ошону менен бирге маалыматтар контент-анализ ыкмасы менен талданган. Мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөр

боюнча  чогултулган маалыматтар беш категорияга бөлүнөт. Бул көйгөйлөрдүн ичинен эң негизги жана маанилүүсү мектептин материалдык-техникалык базасы менен байланышкан көйгөйлөр, ал эми башка көйгөйлөр мекепке тиешелүүлүгүнө жараша мектептин кызыкдар тараптарына, билим берүү саясатына, административдик жана финансылык маселелерге тиешелүү маселелер катары ажыратылган. Изилдөөнүн негизинде бул көйгөйлөрдүн алкагында мектеп директорлору тарабынан сунушталган чечимдердин арасында мектеп базасын жогорку деңгээлге алып чыгуу, мектептерди жакшыртууга бөлүнгөн бюджетти көбөйтүү, директорлукка, мугалимдикке талапкерлерди окутуу программаларын уюштуруу, мектеп директорлоруна жогорку билим билим тактап айтканда магистр даражасын алуу мүмкүнчүлүгүн берүү кирет.

Bayar (2016) иликтеген изилдөө мектеп директорлору практикада туш болгон негизги кыйынчылыктарды, көйгөйлөрдү аныктоого максатталган. Бул максатта изилдөөчү сапаттуу изилдөө методологиясын колдонуп, Амасия шаарында иштеген мектеп директорлору менен маектешүүлөрдү жүргүзгөн. Лидерлик жана башкаруу практикасы жөнүндө кеңири маалымат чогултуу үчүн документтерди анализденген. Маалыматтарды анализдөөдөн кийин,  изилдөөгө катышкан мектеп директорлорунун көпчүлүгү өз кесиби үчүн тынчсыздануу сезими бар экенин жана бул директорлор өз кесибин таштаашы мүмкүн экенин тастыкташкан. Изилдөөнүн негизинде мектеп директорлору жашаган кыйынчылыктар алты негизги категорияга топтоштурган:

1) *зордук-зомбулук,*
2) *үй-бүлөлөрдүн мектепке карата терс мамилеси,*
3) *Сирия жана Ирактан келген мигранттар/үй-бүлөлөр,*
4) *мугалимдердин профсоюздары (синдикализм) ,*
5) *) мугалимдердин мектеп директорлоруна болгон мамилеси жана жүрүм-туруму,*
6) *класста жана мектепте жагымсыз жүрүм-турумдардын көбөйүшү.*

Изилдөөдө бүгүнкү күндө мектепте директор болуп иштөө мурунку мезгилдерге караганда бир топ татаал экенин баса белгилеп, мектептерде эффективдүү мектеп башкаруучусу директорлордун болушу жана аларды мектепте кармап туруу маселесине таянган. Директорлорду кээ бир башкаруучулук программаларына

киргизүү сунушталып, өзгөчө жаңы дайындалган директорлорду бул көйгөйлөрдөн улам өз кызматтарынан кетүүнү каалашаары аныкталган.

Meriwether & Duyar (1997) мектеп администраторлорун окуучулар, мугалимдер жана башкаруу менен байланышкан ортомчу жана инсандар аралык байланыштарды түзүүчү жана алардын ортосундагы байланышты бекемдөөчү адам катары көрүшөт. Мектептердеги ар түрдүү практикалардын себебин мектеп жетекчилери тарабынан ишке ашырылган эрежелер менен байланыштырат.

Şeren (2008) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө, өз кызматында начар иштеген шаардык мектептерде директор болуп иштей баштаган мектеп директорлорунун мамилеси жана ойлору алардын кызматтык биринчи жылында эки потенциалдуу карама-каршылыктуу жагдайлар боюнча изилденген. Бул мектептерде иштей баштаган жаңы директорлор мугалимдердин иш тажрыйбасына көзөмөлдү сактап калгысы келгени менен, мугалимдердин ишенимин, кызматташуусун жана берилгендигин жогорулатуусу керек. Изилдөөнүн катышуучулары чоң шаар аймагындагы эң төмөн мамлекеттик мектептерде жаңы дайындалган 12 мектеп директорлору болгон жана маалыматтарды чогултуу ыкмасы бир катар сурамжылоо жана интервью катары иштелип чыккан. Изилдөөнүн жыйынтыгына ылайык, кээ бир мектеп директорлору кызматка киришкен биринчи жылында мугалимдерде жоопкерчиликти жана берилгендикти түзүү аракеттерин бири-бирин толуктап турган нерсе катары көрүшсө, кээ бир мектеп директорлору бул эки маселени чыңалган аймак катары сыпатташат. Директорлор жумушка орношкон биринчи жыл бою бул ыкмаларда салыштырмалуу ырааттуу бойдон калууда. Бирок, кээ бир мектеп директорлору убакыттын өтүшү менен бул багытта өз ойлорун өзгөрткөн да, бул эки мамиленин ортосундагы айырма жалпысынан убакыттын өтүшү менен айкын болуп калат.

Изилдөөнүн жыйынтыгында мектеп директорлору начар иштеген мектептердин мугалимдери менен иштөөдө кандай кыйынчылыктарга дуушар болушу мүмкүн экендиги боюнча окуудан өтүү пайдалуу болоору, ошондой эле мектеп директорлорунун окуу жайларынын алкагындагы маселелерге өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуштар берилди.

Çelikten (2004) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө Кайсеридеги мамлекеттик мектептерде иштеген мектеп директорлору гендердик жактан каралып, аял

директорлордун аз болушунун мүмкүн болуучу себептери изилденген. Изилдөө интервью ыкмасы аркылуу 48 мектеп директор айымдардын пикирлерин алуу менен жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн максаты – билим берүү тармагындагы жетекчи кызматтарда аял директорлордун санын көбөйтүүгө салым кошуу. Изилдөөнүн жыйынтыктарына ылайык, аял мугалимдердин саны жана үлүшү жогору болгонуна карабастан, аял директорлордун көрсөткүчүнүн өтө төмөн болушунун негизги себеби – коомдун социалдык-маданий түзүмүндө аялдардын жетекчи (директор) болушуна карата терс пикирлер жана гендердик стереотиптер бар экени аныкталган. Бул жагынан алганда, изилдөөдө аялдардын жогорку ролду ээлей алышы үчүн, мыйзамдык ченемдердин да, бейөкмөт уюмдардын да колдоосу менен болгон социалдык-маданий калыптарды жана бейкалыс пикирлерди өзгөртүү үчүн изилдөөлөр зарыл экендиги баса белгиленет. Буга катар эле мектептерде кеминде бир аял директордун жардамчысы мыйзам тарабынан талап кылынары баса белгиленип, аны милдеттүү кылуу сунушталат.

Çınkır (2010) өз изилдөөсүндө башталгыч мектептерде иштеген директорлор башынан өткөргөн көйгөйлөрдү жана бул көйгөйлөрдүн чечилишине салым кошо турган факторлорду изилдеген. Изилдөө Анкарада иштеген 165 мектеп директорлоруна сурамжылоо ыкмасы аркылуу маалыматтар чогултулган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгына ылайык, мектеп директорлору эң көп көйгөйлөрдү башынан өткөргөн маселелер жыштыгы боюнча мектеп бюджети (*өз алдынча бюджеттин жоктугу жана финансылык ресурстардын жетишсиздиги*), жалпы жана административдик кызматтар (*мүмкүнчүлүктөрдүн чектелүү жана керексиз бюрократиялык процедуралар*), келип чыккан көйгөйлөр болуп саналат. Мектептен тышкаркы (*ата-энелер менен көйгөйлөр*), Кадр кызматы (*көмөкчү персонал жана мугалимдердин жетишсиздиги*), окуучулар үчүн кызмат (*көйгөйлүү окуучулардын чөйрөсүндө ата-энелер менен болгон мамилелер*) жана билим берүү жана окутуу (*социалдык иш-чараларда ресурстардын жетишсиздиги*) категорияларына кирет. Изилдөөдө бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн мектеп директорлору тарабынан айрым сунуштар айтылган. Буга ылайык, бюджеттик көйгөйлөр, автономдуу бюджет жана окуучулардын санына жараша ресурстук трансферт боюнча; Жалпы жана административдик кызматтардын көйгөйлөрү боюнча мектептерди физикалык жактан бирдей стандарттарга жеткирүү; Директорлордун өздөрүнө келсек, аларды чечүү боюнча сунуштар алардын

башкаруучулук милдеттерине чейин керектүү окууларды, курстарды жана документтерди камсыз кылуу, үзгүлтүксүз аралыкта колдоону талап кылган маселелерди алуу жана директорлорго алардын академиялык карьерасы учурунда керектүү колдоо көрсөтүүнү өз ичине камтыйт.

Wieczorek & Manard (2018) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө айыл мектептеринде иштей баштаган жаңы директорлордун окуудагы лидерлик көйгөйлөрү жана практикалары изилденген. Изилдөөдө АКШнын борбордук бөлүктөрүндөгү айылдык мамлекеттик мектептерде жаңыдан ишке орношкон 6 мектеп директорлорунун лидерлик тажрыйбасы изилденген. Изилдөө жаңыдан ишке орношкон мектеп директорлору айыл мектептериндеги лидерликтин контекстинде билим берүүдөгү лидерликтин көйгөйлөрүн кандайча чечмелей турганын аныктоого өзгөчө көңүл бурган. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары директорлор өздөрүнүн кесиптик жана жеке жашоолорун тең салмактоо үчүн иштешээри изилденген.

Белгилүү бюджеттик чектөөлөрдү аткарууга аракет кылган директорлор мектеп деңгээлинде да, райондук мектеп администрациясынын деңгээлинде да көптөгөн жоопкерчиликтерди алышат. Директорлор ошондой эле мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер менен мамилелерди жана ишенимди өнүктүрүүгө көңүл бурушу керек. Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, жаңы мектеп директорлору айылдык мектеп аймагындагы жамааттын күтүүлөрүн түшүнүү жана кеңейтилген кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн көндүмдөрдү өнүктүрүү керек. Бул жагынан алганда, айыл мектептеринин жетекчилеринин абалына жана муктаждыктарына ылайыктуу лидерликти даярдоо, насаатчылык жана квалификацияны жогорулатуу программалары колдоого алынышы керек экени сунушталган.

Kaykanacı (2003) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө мектеп директорлорунун өз милдеттерине канчалык маани бергени жана бул административдик милдеттерди аткаруу үчүн канча убакыт коротушу изилденген. Изилдөө сыпаттама мүнөзгө ээ жана маалыматтар Анкаранын борборундагы башталгыч мектептерде иштеген бардык директорлордон сурамжылоо ыкмасы менен алынган. Изилдөөнүн жыйынтыктарына ылайык, катышуучу мектеп директорлору административдик тапшырмаларга канчалык маани бергени менен бул милдеттерге бөлгөн убактысынын ортосунда оң байланыш бар экени байкалды. Ошого жараша

директорлор «*чоң маани*» берген тармактар окуу-тарбия иштери, кадр иштери жана студенттердин иштери болуп, директорлор бул тармактарга «*көп убакыт*» сарпташат. Мындан тышкары, директорлор мектептин экологиялык иштерине жана ишкердик иш-аракеттерине «*өтө маани*» берип, бул иштердин алкагында «*орточо убакыт*» бөлүшөрү аныкталган.

1993-жылы өткөрүлгөн 14-Улуттук билим берүү кеңешинде мектеп директорлору менен байланышкан негизги маселелер талкууланып, өзгөчө мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөр төмөндөгүчө айтылды (MEB, 2009);

- Бакалавриат деңгээлинде билим берүүнү башкаруу программасынын мазмуну «Башкаруу билими, билим берүүнүн калыптанышы, талаа көндүмдөрү, жетекчинин принциптери жана ага тиешелүү субдициплиналар» болушу керек.
- Мектеп директорлору үчүн зарыл болгон квалификацияга ээ болгондор окууну башкаруу программасына кабыл алынышы керек.
- Башкарууда «Кесипте башкы нерсе — мугалимдик» деген кеп ийкемдуу алкакта каралышы керек.
- Билим берүү администраторлорун (кызматка чейинки жана квалификациялык) даярдоодо Улуттук билим берүү министрлиги менен университеттердин ортосунда кызматташтык болушу керек.
- Учурдагы билим берүү башкаруучулары «Билим берүүнү башкаруу» боюнча окуудан өтүшү керек.
- Билим берүүнү башкарууда адистештирүү, иерархиялык көтөрүлүү жана көтөрүлүү негиз болуп, мектеп директорлорунун ыйгарым укуктары жогорулатылат.
- Учурдагы билим берүү башкаруучулары университеттер менен биргеликте окутулат; билим берүү башкаруучулары үчүн зарыл болгон квалификацияларга ээ болгондор башкаруу программасына кабыл алынышы керек.
- Бул чечимдер канчалык деңгээлде иш жүзүнө ашырылгандыгы боюнча так изилдөөлөр жок болсо да, 13.08.2009-жылдагы 27318 сандуу Жарыялар журналында билим берүү башкаруучуларын дайындоо боюнча гана чечимдер бар. Бул жобо билим берүү башкаруучусу болуунун шарттарына жана мектеп директорлору үчүн башкы сынакка байланыштуу жоболорду камтыйт. Ошондой

эле мектеп директорлору мугалим болушу керек деген шарттардын бири болуп эсептелинет (MEB, 2009).

Түркияда билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн мектептер жана башка мекемелер мамлекеттик башкарууга караштуу. Жүргүзүлгөн иш аракеттер мамлекеттин көзөмөлү астында жүргүзүлөт. Мектеп директорлору мугалимдердин арасынан дайындалат. Мектептин максаттарына жетүү үчүн мектеп директорлору жооптуу. Алар бул максаттарга жеткен деңгээлде өз милдеттерин аткарышты деп эсептелет. Бул максаттарга жетүү үчүн алардын кол алдындагылар жана жетекчилер менен адекваттуу байланыш керек. Мектеп директорлорунун компетенттүүлүгү, коммуникация күчү, башкаруу кызыгуусу жана көндүмдөрү бул кыйынчылыкты жеңилдете алат. Башкаруу жөнүндө; Суроолор, ошондой эле мектептен тышкары келип чыккан көйгөйлөр болушу мүмкүн. Мектеп директорлорун тандоодо билимин, тажрыйбасын жана жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу мектеп директорлоруна өз милдеттерин жакшыраак аткарууга шарт түзөт (Erol, 1995). Erol, (1995) пикири боюнча, мектеп директорлору жалпысынан туш болгон көйгөйлөрдү төмөнкүчө тизмектөөгө болот;

- Мыйзамдар азыркы убактагы шарттарга ылайык келбейт,
- башкарууну борборлоштуруу,
- Саясатты башкарууга тартуу,
- Мыйзамдарда ылайыктуу иш чөйрөсүнүн жоктугу,
- Каржы жетишсиздиги,
- Борбордо кабыл алынган чечимдердин аткарылбагандыгы,
- Кабыл алынган чечимдерди тез-тез өзгөртүү,
- Кол алдындагылардан келген сунуштарды карабайт.

Doğan, S. ve Koçak, O. (2014) тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө мектеп директорлорунун мыйзам тарабынан жүктөлгөн милдеттерден тышкары, өздөрүн милдеттүү билген жумуштары тууралуу ой-пикирлери изилденген. Изилдөөдө маалыматтар 21 мектеп директорлорунун катышуусу менен жарым структураланган интервью формалары аркылуу алынды. Иликтөөнүн тыянагына ылайык, жетекчилер мыйзам тарабынан жүктөлгөн милдеттерден тышкары жалпысынан тазалоо жана оңдоо иштери, ксерокөчүрмө иштери, иш кагаздары, жылытуу иштери, катчылык жана шоферлук жумуштары болуп саналат. Жардамчы

кадрлардын жетишсиздиги, каржынын жетишсиздиги же пландаштыруунун жоктугу сыяктуу себептерден улам, көпчүлүк директорлор бул милдеттерге күн сайын туш болуп, убактысынын жарымынан көбүн ушул тапшырмаларга жумшаарын айтышты. Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн окуучулар жана мугалимдердин санына пропорционалдык көмөкчү персоналды ишке киргизүү, көз карандысыз бюджеттер жана так кызматтык нускамалар сыяктуу сунуштар берилген.

Preston, Jakuzice жана Kooymans 2003-2013 жыл аралыгында өз илимий изилдөөсүн макала катары сунушташкан. Бул макалада айыл жергесинде иштеген мектеп директорлорунун ролуна байланышкан көйгөйлөрдү тематикалык жактан көрсөтүшүп беришкен. Азыркы убакытта мектеп директорлорунун кызматтык учурундагы көптөгөн көйгөйлөр болуп жатканын ачыкка чыгарышкан. Мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөр менен кыйынчылыктардын ичинен төмөнкүлөрдү өзгөчө белгилеп көрсөтүшкөн:

- ар тараптуу милдеттерди өздөштүрүү,
- кесиптик өнүгүү жана ресурс,
- билимдин жетишсиздиги,
- гендердик дискриминация жана мектеп жоопкерчилиги жана өзгөрүү менен байланышкан көйгөйлөр.

Lingam, Lingam & Raghuwaiya (2014) Соломон аралдарында 34 айыл жеринде иштеген мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөрдү изилдөө үчүн сурамжылоо аркылуу маалыматтарды чогултушкан. Мектеп директорлорунун басымдуу бөлүгү окуу жана окутуу ресурстарынын жетишсиздиги, ар тараптуу ресурстардын чектелиши, анын ичинде мектеп директорлорунун өз чөйрөсүндөгү кыйынчылыктар менен ортого чыккан көйгөйлөр бар экенин тастыкташкан. Бул көйгөйлөрдү тез арада чечүү жана көңүл буруу керектишин баса белгилешкен. Изилдөөнүн жыйынтыгында ар тараптуу көйгөйлөрдүн мектептин билим берүүсүнө терс таасирин көрсөтөрүн ачып көрсөтүшкөн.

Walters, Donald, Pickands & Morgan (2000) алардын изилдөө айыл жеринде иштеген мектеп директорлорунун өз милдеттерине карата көз караштарын изилдешкен. Изилдөө АКШнын айыл жерлериндеги мектептерде жүргүзүлгөн. 16 мектеп директорун сурамжылоого алып, алардын милдеттери тууралуу өз ой-пикирлерин изилдөөгө алышкан.

Muse & Ivan (1989) изилдөөсүндө, айыл жергесинде иштеген мектеп директорлорунун абалы, кызматтан кетисүү боюнча изилдөө жүргүзгөн. Бул изилдөө боюнча Muse жана Ivan, айылдык аймакта мектеп директору болуп иштөө көп учурда көбүрөөк курмандык жана мектеп ишинин бардык аспектилерине күн сайын катышууну талап кылат. Изилдөөдө айыл аймактагы жана шаарда мектеп директорлукта иштеген мектеп жетекчилеринин ортосундагы айырмачылыктар изилдөөгө алынган. Изилдөөдө чогултулган маалыматтар АКШнын 7 штатындагы 600 мектеп директорунан алынганы тастыкталган. Респонденттердин 82%ы эркектер болгон. Изилдөөлөргө ылайык, катышуучулардын 47 пайызы 5 жыл ичинде азыркы кызматында болууну пландаштырышкан. Мындан тышкары изилдөөдө алардын бардыгынын мугалимдик тажрыйбасы бар экени тастыкталган, алардын 69% айыл жеринен келген. Изилдөөгө алынган мекеп директорлорунун көпчүлүгү 6 жылдан ашык убакыттан бери мугалимдик кесипти аркалап келишкен, бирок 55 пайызы тилекке каршы мектеп директору кызматка келерден мурда мугалимдик кызматта сабак бербегени белгилүү болгон. Изилдөөгө катышкан мектеп директорлорунун башталгыч класстарда мугалимдик тажрыйбасы бар экени изилденген. Директорлордун 60%ы гана класс жетекчилер. Башкалары дене тарбия мугалимдери, же атайын предметтик билим берүү мугалимдери болгон.

Ashton & Duncan (2012), изилдөөсүндө мектептерде натыйжалуу лидер жана жакшы мектеп директору болуу үчүн зарыл болгон кыйынчылыктар жана көндүмдөр изилденген. Бул изилдөө алгачкы жолу мектеп директору болуп иштөөнү баштаган директорлор үчүн колдонмо боло алат. Ошону менен бирге изилдоөнүн жыйынтыгы жана изилдөөдө сунуштаган инструменттер жаңы мектеп директорунун директорлук жолунда эмнеге туш болушу мүмкүн экендиги жөнүндө, кыйынчылыктар жөнүндө ойлонууга жана тажрыйба алууга жардам берет. Бул изилдөөдө айыл жергесинде иштеген мектеп директорлоруна байланыштуу үч суроо каралат: кесиптик жалгыздык менен күрөшүү, айыл жергесинде коомго таанылуу жана директор үчүн тиешелүү болгон негизги башкаруу көндүмдөрү.

Wilson & Alfred (1982), Американын айыл жерлеринде иштеген мектеп директорлоруна тиешелүү изилдөө жүргүзүшкөн. Мектеп директорлорунун өз жоопкерчилик жаатындагы милдеттерин алты категорияга бөлгөн:

- окутуу
- окуу планы
- кызматкерлерге жетекчилик,
- мектеп/социалдык милдеттер,
- административдик жоопкерчилик,
- баалоо жана кесиптик өнүгүү.

Изилдөөдө ар бир категория үчүн пайдалуу материалдар сунушталган. Ошону менен бирге ошол кездеги мектеп директорлоруна тиешелүү изилдөөлөр камтылган. Пайдалуу китептердин тизмеси жана муктаждыктарга жараша студенттер үчүн кеңештер берилген, айрыкча балдарды тарбиялоо маселелери талкууланган. Жетекчилик жана башкаруучулук жоопкерчилик, тез өнүгүп-өсүү, убакытты жана ресурстарды башкаруу сыяктуу маселелер изилденген. Изилдөөдө эң маанилүү жыйынтыктардын бири катары айыл жериндеги мектептерде иштеген мектеп директорлору үчүн атайын иштелип чыккан материалдар өтө аз экени айтылат.

Williams & Gerry (2010) изилдөөсүндө Миннесота штатынын мектеп директорлорун изилдешкен. 141 жергилктүү директор жалпы 465 мектеп директорунан сурамжылоо жүргүзүү жолу менен маалыматтар чогултулган. Изилдөөнүн максаты Миннесота штатынын айыл жерлериндеги мамлекеттик мектептердин көйгөйлөрү бул мектептердин негизги өзгөчөлүктөрүн изилдөө жана түшүндүрүү болуп саналат.

Budge (2006), өзүнүн изилдөөсүндө, айыл жергесинин артыкчылыктарын, көйгөйлөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн изилдеген. Бул изилдөөдө айыл жергесиндеги сыртка миграция жана анын билимге тийгизген таасирине баасым жасаган. Айыл жеринде иштеген мектеп директорлорунун ой-пикирин негизинде айыл мектептеринде окуучулардын келечеги кең экенин баса белгилеген.

# ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

# ИЗИЛДӨӨНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

## 3.1. Диссертациялык иштин изилдөө методу

Бул изилдөө тажрыйбаларды талдоого, баалоого багытталгандыктан изилдөөнүн маалыматтарын чогултууда колдонулган метод сапаттык изилдөө болуп эсептелет. Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн изилдөөчү тарабынан табигый чөйрөдө жүргүзүлгөн байкоолор же интервью жана ар кандай документтерди талдоо сыяктуу маалыматтарды чогултуу ыкмалары колдонулган. Сапаттык изилдөө бул айланабызда болуп жаткан окуяларды изилдөө жана окуяларды аныктоо принцибине негизделген изилдөөлөр (Yıldırım, Şimşek, 2011).

Бул изилдөөдө, мектеп директорлорунун башынан өткөргөн негизги көйгөйлөр изилденип, булак катары айыл жергесиндеги мектеп директорлорунун пикирлери алынуу менен сүрөттөлсө, айыл жергесинде иштеген мектеп директорлорунун көз караштары жана бул көз караштардагы жалпыланып жана айырмачылык жактары да, изилденип чечмеленет.

## 3.2. Концептуалдык негиздер/изилдөө модели

Бул изилдөөдө сапаттык изилдөөнүн түрү жардамы менен изилдөөнүн маалыматтары чогултулуп, контент-анализ ыкмасы аркылуу анализденген. Катышуучунун белгилүү бир окуяны башынан өткөрүүсүн сүрөттөөгө багытталган. Интервью алуу, түздөн-түз байкоо жүргүзүү сыяктуу ыкмалар катушуучудан түздөн-түз маалымат чогултуу үчүн колдонулат (Yıldırım, Şimşek, 2011).

## 3.3. Чоң топ (максат болгон масса) жана кичине топ (үлгү болгон масса)

Бул изилдөөнүн курамын 2023-2024-окуу жылында Жалал-Абад облусунун айылдарындагы мектептерде иштеген мектеп директорлору түзөт.

**Таблица 2.1** Изилдөөгө катышкан чоң топ (максат болгон масса) жана кичине топ (үлгү болгон масса)

| | **Жынысы** | **Жашы** | **Милдетти** | **Педагогикалык стаж** | **Директорлук стаж** | **Мектеп окуучусунун саны** | **Мектеп мугалимдеринин саны** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| К1 | Эркек | 33 | Мектеп директор | 8 жыл | 9 ай | 539 | 32 |
| К2 | Эркек | 41 | Мектеп директор | 12 жыл | 3 жыл | 180 | 24 |
| К3 | Эркек | 44 | Мектеп директор | 19 жыл | 4 жыл 5 ай | 339 | 30 |
| К4 | Аял | 52 | Мектеп директор | 20 жыл | 1 жыл | 550 | 41 |
| К5 | Эркек | 53 | Мектеп директор | 20 жыл | 4 жыл | 431 | 37 |
| К6 | Эркек | 45 | Мектеп директор | 17 жыл | 4 жыл 2 ай | 453 | 32 |
| К7 | Эркек | 35 | Мектеп директор | 8 жыл | 11 ай | 239 | 28 |
| К8 | Аял | 53 | Мектеп директор | 19 жыл | 1 жыл 9 ай | 420 | 31 |
| К9 | Аял | 49 | Мектеп директор | 22 жыл | 2 жыл | 537 | 36 |
| К10 | Эркек | 39 | Мектеп директор | 14 жыл | 1 жыл | 550 | 45 |
| К11 | Эркек | 43 | Мектеп директор | 17 жыл | 2 жыд 6 ай | 541 | 44 |
| К12 | Аял | 54 | Мектеп директор | 23 жыл | 3 жыл | 490 | 39 |
| К13 | Эркек | 49 | Мектеп директор | 22 жыл | 3 жыл | 493 | 39 |
| К14 | Эркек | 50 | Мектеп директор | 23 жыл | 4 жыл | 545 | 43 |
| К15 | Эркек | 41 | Мектеп директор | 15 жыл | 5 жыл | 177 | 25 |
| К16 | Аял | 56 | Мектеп директор | 23 жыл | 6 жыл | 770 | 53 |
| К17 | Эркек | 46 | Мектеп директор | 19 жыл | 2 жыл | 851 | 65 |
| К18 | Эркек | 47 | Мектеп директор | 15 жыл | 1 жыл | 510 | 31 |
| К19 | Аял | 39 | Мектеп директор | 8 жыл | 3 вй 11 гүн | 480 | 33 |
| К20 | Эркек | 55 | Мектеп директор | 21 жыл | 7 жыл | 182 | 29 |

### 3.4. Материалдар жана аларды чогултуу

Изилдөөнүн курамына 2023-2024 окуу жылында Жалал-Абад облусунун айылдарындагы мектептерде иштеген мектеп директорлору кирет. Мектеп директорлору менен болгон маектер интервью жана байкоо жүргүзүү ыкмаларын колдонуу менен терең изилденди. Маалымат чогултуу куралы катары интервью ыкмасы колдонулат жана маалыматтар мектеп директорлорунан сурамжылоо жолу менен чогултулду. Сурамжылоонун биринчи бөлүгү изилдөөнүн катышуучуларынын демографиялык маалыматтарын камтыйт; Ал катышуучулардын директорлук стажы, мугалимдик стажы, мектеп классы, билим деңгээли жана жынысы сыяктуу өзгөрмөлөрдү камтыйт. Экинчи бөлүк мектеп директорлорунун башкаруудагы көйгөйлөрүн аныктоого багытталган беш ачык суроолордон турат.

Изилдөөнүн маалыматтары мектеп директорлору менен бетме-бет жана телефон аркылуу маектешүү аркылуу чогултулду. Маектешүү алдында сурамжылоонун максаты, ыкмасы жана мазмуну тууралуу маалымат берилип, сурамжылоону аудио жазуу жеке жана маалыматтардын купуялуулугунун негизинде жүргүзүлөөрү маалымдалат. Сурамжылоо ыктыярдуу түрдө 20-30 мүнөттүк аудио жазуу түрүндө жүргүзүлдү. Сурамжыланган мектеп директорлорун код менен бергилеп (катышуучу директор, К) жана аудио жазуулар текстке айландырылат жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлдү.

Интервью формасы аркылуу алынган сапаттык маалыматтар контент-анализи аркылуу талдалат. Бул техниканын артыкчылыктуу болушунун себеби, сүрөттөмө талдоо ыкмасы алынган маалыматтардын алдын ала белгиленген темаларга ылайык жалпыланышына жана чечмеленишине мүмкүндүк берет (Yıldırım, Şimşek, 2011).

Маалыматтарды чогултууда Жалал-Абад облусунун Ала-Бука районундагы айыл мектептеринин директорлору менен бетме-бет жана телефон аркылуу маектешүү жүргүзүлдү.

### 3.5. Малымаат чогултуу ыкмасы

Маектешүү алдында маектин максаты, ыкмасы жана мазмуну тууралуу маалымат берилди. Интервьюерге аудио жазуу жеке маалыматтардын купуялуулугунун

негизинде жүргүзүлөөрү маалымдалган. Интервьюлар ыктыярдуу түрдө 20-30 мүнөттүк үн жазуу түрүндө жазылган. Сурамжыланган мектеп директорлору коддолду жана жазуулар текстке айландырылды жана маалыматтарды талдоо жүргүзүлдү.

### 3.6. Маалыматтарды талдоо

Изилдөөдө «Кыргызстандагы айыл мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөрү боюнча маектешүү » аркылуу алынган маалыматтар камтылган. Алынган маалыматтарды талдоодо сапаттык маалыматтарды талдоо ыкмаларынын бири болгон контент-анализи аркылуу талдоо жүргүзүлгөн. Маалыматты талдоо аркылуу алынган маалыматтар алдын ала белгиленген темалар боюнча жалпыланып жана чечмеленип, алынган жыйынтыктар изилденип изилдөөчү тарабынан чечмеленген түрдө сунушталды.

Маалыматтар айыл мектеп директорлору (катышуучулар) менен бетме –бет маектешүү аркылуу чогултулуп, маектешүү алдында сурамжылоонун максаты, ыкмасы жана мазмуну тууралуу маалымат берилди. Сурамжылоо ыктыярдуу түрдө 20-30 мүнөттүк аудио жазуу жеке жана маалыматтардын купуялуулугунун негизинде жүргүзүлдү. Сурамжыланган мектеп директорлорун код менен бергилеп (катышуучу директор, К жана ошону менен бирге катышуучу саны кошо коддолот К1, К2, К3.......К20) жана аудио жазуулар  текстке айландырылат жана маалыматтарга талдоо жүргүзүлдү.

# ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

# ТАБЫЛГАЛАР ЖАНА АЛАРДЫ ТАЛКУЛОО

## 4.1. Изилдөөгө катышкан айыл мектеп директорлордун социалдык-демографиялык маалыматтары

Бул бөлүмдө мектеп директорлорунун көйгөйлөрү боюнча изилдөөгө катышкан мектеп директорлорунун көз карашы боюнча жыйынтыктар камтылган. Мектеп директорлоруна интервьюда берилген суроолорго берген жоопторуна, мектеп адиректорунун милдеттеринин түрүнө, мектепте иштөө мөөнөтүнө, жаш курагына, мектептеги көйгөйлөр боюнча мектеп директорлорунун көйгөйлөрүнө байланыштуу табылгалар жана тыянактар талданган.

**Таблица 1.** де көрүнүп тургандай, изилдөөгө катышкан мектеп директорлорунун орточо жашы 47 жашты түздү (33-57). Ошону менен бирге изилдөөбүзгө катышкан айыл мектеп директорлорунун эң кичүүсү 33 жашта болсо эң улуусу 57 жашта экени аныкталган.

Катышуучуларыбыздын гендердик курамында, 6 аял, калган 14 эркек мектеп директорун түздү. Бул жыйынтыктын негизинде изилдөөнүн материалында мектеп директорлорунун аялдар басымдуулук кыларын көрсөттү.

**Таблица 3.2** Изилдөөгө катышкан айыл мектеп директорлорунун жаш курагы жана жынысы

| **Катышуучулардын саны** | **Жынысы** | **Жашы** |
|---|---|---|
| К1 | эркек | 33 жаш |
| К2 | эркек | 41 жаш |
| К3 | эркек | 44 жаш |
| К4 | аял | 52 жаш |
| К5 | эркек | 53 жаш |
| К6 | эркек | 45 жаш |
| К7 | эркек | 35 жаш |

| | | |
|---|---|---|
| К8 | аял | 53 жаш |
| К9 | аял | 49 жаш |
| К10 | эркек | 39 жаш |
| К11 | эркек | 43 жаш |
| К12 | аял | 54 жаш |
| К13 | эркек | 49 жаш |
| К14 | эркек | 50 жаш |
| К15 | эркек | 41 жаш |
| К16 | аял | 56 жаш |
| К17 | эркек | 46 жаш |
| К18 | эркек | 47 жаш |
| К19 | аял | 39 жаш |
| К20 | эркек | 55 жаш |

Изилдөөбүзгө катышкан айыл мектеп директорлорунун мугалимдик жана мектеп директорлук тажрыйбасын Таблица 2. де чечмеленип көрсөтүлгөн. Таблица 2. де көрүнүп тургандай изилдөөбүзгө катышкан айыл мектеп директорлорунун мугалимдик тажрыйбасы эң аз 8 жыл болсо эң көп 23 жыл экени көрсөттү. Изилдөөгө катышкан 20 айыл мектеп директордун 10 у, 19 жылдан көп убакыт мугалимдик тажрыйбага ээ болсо калган 10 директор 18 жылдан аз тажрыйбага ээ. Ошону менен бирге директорлордун мектеп директорлук тажрыйбасын аныктаганда эң аз 3 ай 11 күнду, эң көп 7 жылдык тажрыйбага ээ болгондугу аныкталган.

**Таблица 3.3** Изилдөөгө катышкан айыл мектеп директорлорунун мугалимдик жана мектеп директорлук тажрыйбасы

| **Катышуучулардын саны** | **Мугалимдик тажрыйбасы** | **Мектеп директорлук тажрыйбасы** |
|---|---|---|
| K1 | 8 жыл | 9 ай |
| K 2 | 12 жыл | 3 жыл |
| K3 | 19 жыл | 4 жыл 5 ай |
| K4 | 20 жыл | 1 жыл |
| K5 | 20 жыл | 4 жыл |
| K6 | 17 жыл | 4 жыл 2 ай |
| K7 | 8 жыл | 11 ай |
| K8 | 19 жыл | 1 жыл 9 ай |
| K9 | 22 жыл | 2 жыл |
| K10 | 14 жыл | 1 жыл |
| K11 | 17 жыл | 2 жыл 6 ай |
| K12 | 23 жыл | 3 жыл |
| K13 | 22 жыл | 3 жыл |
| K14 | 23 жыл | 4 жыл |
| K15 | 15 жыл | 5 жыл |
| K16 | 23 жыл | 6 жыл |
| K17 | 19 жыл | 2 жыл |
| K18 | 15 жыл | 1 жыл |
| K19 | 8 жыл | 3 ай 11 күн |
| K20 | 21 жыл | 7 жыл |

Таблица 3.тө көрүнүп тургандай мектеп мугалимдеринин саны окуучуларга байланыштуу болот, ошону менен белгилей кетчү нерсе ар бир мектепте сөзсүз түрдө 2 мектеп директорунун жардамчысы болот, эгер мектепте окуучулардын саны көп болсо мектеп директорунун орун басары да көп болору аныкталган. Изилдөөбүзгө катышкан айыл мектеп директорлору иштеген мектепте 9 мектептеринде 500дөн көп окуучу билим алышат, калган 11 мектепте эң аз 177

окуучу билим алса эң көп 493 окуучу билим алары аныкталган. Ал эми мектепте иштеген мугалимдердин орточо саны болсо 33тү түзсө, эң аз 24 тү, эң көп 65 мугалим түзгөн.

**Таблица 3.4** Изилдөөгө катышкан айыл мектеп директору иштеген мектеп мугалимдеринин, окуучуларынын ошону менен бирге мектеп директорлорунун жардамчысынын саны

| **Катышуучулардын саны** | **Мугалимдердин саны** | **Окуучулардын саны** | **Мектеп директорунун жардамчысы** |
|---|---|---|---|
| **K1** | 32 | 539 | 2 |
| **K 2** | 24 | 180 | 2 |
| **K3** | 30 | 339 | 2 |
| **K4** | 41 | 550 | 2 |
| **K5** | 37 | 431 | 2 |
| **K6** | 32 | 453 | 2 |
| **K7** | 28 | 239 | 2 |
| **K8** | 31 | 420 | 2 |
| **K9** | 36 | 537 | 2 |
| **K10** | 45 | 550 | 2 |
| **K11** | 44 | 541 | 2 |
| **K12** | 39 | 490 | 2 |
| **K13** | 39 | 493 | 2 |
| **K14** | 43 | 545 | 2 |
| **K15** | 25 | 177 | 2 |
| **K16** | 53 | 770 | 2 |
| **K17** | 65 | 851 | 2 |
| **K18** | 31 | 510 | 2 |
| **K19** | 33 | 480 | 2 |
| **K20** | 29 | 182 | 2 |

Сиз башкаруу (жетекчилик, мектеп директору) боюнча билим алдыныз беле?- деген суроого 20 айыл мектеп директорунун 8и башкаруучулук боюнча билим алгандыгынбилдиришкен, калган 12 айыл мектеп директору башкаруучулук боюнча билим албагандыгы аныкталган. Ал эми башкаруучулук боюнча ар кандай кызматтык тренинг, семинарларга катышып же катышпагандыгын сураганыбызда биздин изилдөөбүзгө катышкан ар бир мектеп директору мындай иш чараларга катышкандыгы жөнүндө маалымат беришти.

**4.2. Изилдөөгө катышкан айыл мектеп директорлору туш болгон көйгөйлөр**

Бир күнүңүз жөнүндө ойлонгондо, кайсы жумуштарды көбүрөөк жасайсыз? деген суроого:

• Мектепти тазалоо,

• Катышуучу мугалимдердин жана окуучулардын саны,

• окуучулардын ысык тамагы,

• Жолугушуулар,

• Сабактарды көзөмөлдөп ачык саатарга катышуу менен бирге жана өзү сабак берет,

• Класстан тышкаркы курстар,

• Документ иштери,

• Мектептин коопсуздугу ж.б. сыяктуу жумуштарды аткарып жаткан иштери тууралуу маалымат беришкен.

Мектеп директору катары кандай көйгөйлөргө туш болосуз?- деген суроого с изилдөөгө катышкан ар бир айыл мектеп директору биринчи көйгөй катары технологиянын(компьютер, заманбап доскалар, ж.б.) жетишсиздигин көрсөтүшкөн.

Катышуучу 1. *«Учурда мектеп технологиясын жаңылоого аракет кылып жатабыз, бул убакка чейин сабактарды эффективдүү өткөрүү үчүн компьютер сыяктуу технологиялар керек болчу. 30% технологияларды алып көйгөйдү чечкени*

*аракет кылдым, бирок көйгөйүбүз толук чечиле элек. Бизге заманбап доскалар жана музыкалык аспаптар керек».*

Ал эми 5 мектеп директорлору 9, 10, 11-класстын окуучулары менен көйгөйлөр бар экенин аныкталган.

Катышуучу 1. *«Менде көбүнчө 9-10-11-класстын окуучулары менен көйгөйлөр бар, азыр айылдарда окуучулардын сабакка катышуу көйгөйлөрү талаа маалында пайда болуп, ата-энелерине жардам бергиси келгендиктен сабактан өтпөй калышат башкача айтканда сабактарга келишпейт».*

Катышуучу 14. *"Көбүнчө 9-10-11-класстар сабакка келбейт, билим алгысы келбейт. Мындай көйгөйгө былтыр да, быйыл да туш болдук, окуучулар окугусу келбейт, бирок ата-энелери мажбурлап окууга, 11-классты бүтүрүүнү каалап жатышат. Андайда ата-энелерди чакырып, окуучу, мугалимдер менен чогулуш өткөрөбүз. Натыйжада, негизинен окуучулардын суроо-талабы аткарылат, мектептен кетишет. Алар мектептен өз каалоосу менен кетишет. Эгерде ал 9-классты аяктаган болсо. Биз студенттерге орто мектептерди жана колледждерди сунуштайбыз. Дагы бир кошумчалай турган жагдай, окуучу сабакты аткара албайт сабак үлгүрүмү начар, мындай учурда ата-эне балага кам көрүү сунушталат".*

Изилдөөгө катышкан эки айыл мектеп директору туш болгон көйгөй мугалимдердин жетишсиздиги экенин маалымдашкан. Мындан тышкары изилдөөбүзгө катышкан 20 мектеп директорунун 14үндө англис жана орус тил мугалимдери жетишсиз экени аныкталган.

Катышуучу 3. *''Мен мугалимдердин жетишсиздиги көйгөйлөрдү баштан кечирип жатам. Бул маселени чечүүдө өзүбүздүн айылда төрөгөндөн кийин үйдө отурган мугалимдер менен сүйлөшүп, башка айылдардан издеп көрдүм. Районубуздагы мугалимдерди даярдаган колледж, университеттерге барып, бүтүрүүчүлөргө сунуштарды айтып, бирок андан эч нерсе чыкпады. Орусияда иштеген мугалимдерге телефон чалып, жумуш сунуштап, акырында маселени чечтим. Россияда иштеп жүргөн айылдаш англис тили мугалимин чкырып жумушка алдым. Бул убакыт аралыгында окуучулар 1 чейрек (2-3 ай) сабак ала албай калышты. Жаш мугалимдер, биздин жаңы муун бул жакка айыл мектептерге*

*келип иштөөнү каалашпайт, анткени биз өлкөнүн чек арасында жайгашканбыз ошол себептен улам бизде көбүнчө мугалим жетишсиздиги чоң көйгөй».*

Катышуучу 9. *''Эң чоң көйгөй – мугалимдердин жетишсиздиги. Орус жана англис тилдеринен сабак берген мугалимдер жетишсиз болгондуктан, сабак берилбейт. – Былтыр башталгыч класстын мугалимдери жетишсиз болгон. Бир эле башталгыч класс мугалимибиз 2 убакытта түшкө чейин, түштөн кийин дагы класс алып окутууга мажбур болушту".*

Изилдөө катышуучулардын айыл мектеп директорлорунун эң көп кездешкен көйгөйлөрү;

• Окуучулардын сабакка катышуусуна байланыштуу,

• Мугалимдердин көйгөйлөрү,

• Жакын жердеги башка мектептин окуучуларынын ортосунда келип чыккан көйгөйлөр,

• Мектеп имаратындагы көйгөйлөр,

• Окуучулардын ата-энелери менен көйгөйлөр,

• Мугалимдер менен ата-энелердин ортосундагы көйгөйлөр,

• Окуучулардын жумушка тартуулусу боюнча көйгөйлөр,

• 9-10-11-класстардагы окуучулардын санынын азайышы, башкача айтканда, 9-классты аяктагандан кийин мектептен өз каалоосу менен кеткендиги аныкталган.

Бул көйгөйлөрдү болтурбоо үчүн эмне кыласыз?- суроого изилдегенибизде ар бир жетекчи өзүнүн тажрыйбасына, мүмкүнчүлүгүнө таянып, баарын документтештирүү менен чечүүгө аракет кылып жатканын көрсөтүшкөн.

Катышуучу 19. *"Ар бир жумушта болгондой эле мектепте да мугалимдердин арасында көйгөйлөр жаралат. Ушундай көйгөйлөр жаралса, мыйзамдын жардамы менен мугалимдерге эскертүү берип, чоң нерсеге айлантпай, тынч эле чечип келем. Мага да үй-бүлөлөрдөн арыздар түшүп, бул көйгөйлөрдү мектеп ичинде коллектив менен бирдикте чечкенге аракет кылам, чече албасам райондон жардам алып чечүүгө аракет кылам.*

Ата-энелер менен көйгөйлөр пайда болгондо;

Катышуучу 14. *«Окуучунун жакшы билим алуусу үчүн эң маанилүү нерселердин бири – анын ата-энеси менен болгон мамилеси. Бул да мугалимдердин окуучуга билим берүүсүнө, окуучунун билим алуусуна, аракетине жардам берет. Ата-энелери колдоо көрсөтсө бизге да, окуучуга да жакшы. Окуучуну тарбиялоо, билим берүү бардыгы мугалим менен ата-эненин кызматташтыгы менен ишке ашат. Мындай учурда мугалим менен ата-эненин ортосунда көйгөйлөр келип чыгышы мүмкүн. Ушундай көйгөйлөр жаралса экөөнө тең өзүнчө жолугуп, эки тарапты тең уккандан кийин чечкенге аракет кылам, эгер мугалимдер кетирген катачылыктар болсо кечирим сурап, мугалимдерге эскертүү менен көйгөйдү чечүүнүн жолдорун караштырамын".*

*Катышуучу 7. «Ар бир семестрдин аягында (4 чейрек) класстын мугалимдери менен жолугушуу уюштурабыз, мен ар бир класстын чогулушуна катышып, ата-энелер менен сүйлөшүп, маалыматтар жана эскертүүлөрдү берип, экөөнүн ортосундагы көйгөйлөрдү болтурбоого аракет кыламын, ошону менен бул аракетим менен эки тарапты дагы өз көзөмөлүмө аламын".*

Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн кандай чараларды көрүп жатасыз ?-деген суроого 20 айыл мектеп директору менен болгон маектешүүлөрдүн жыйынтыгында 12 мектеп директору мугалимдер, окуучулар жана ата-энелер менен жолугушууларды өткөрүп, көйгөйлөрдү чечишкени аныкталган. Катышуучуларымдын бири:

*Катышуучу 13. «Биз тоого жакын жашагандыктан, кээ бир үй-бүлөлөр тоого мал караганы кетишет, натыйжада окуучулар сабакка катышпай башташат. Мен алардын үйлөрүнө тоого барып, ушул сыяктуу маселелерди өзүм талкуулап, чечип келем».*

### 4.3. Биринчи изилдөөнүн көмөкчү проблемасындагы табылгалар жана аларды талкулоо

Биринчи көмөкчү проблемада, изилдөөгө катышкан айыл мектеп директорлорунун билим деңгээлине байланыштуу туш болгон көйгөйлөр.

Биринчи көмөкчү проблемабыз боюнча интервьюда берилген суроолор аркылуу, айыл мектеп директорлорунун билим деңгээлине байланыштуу көйгөйлөрлөр жөнүндө маалыматтар чогултулду.

Кыргызстан айыл мектеп директорлорунун билим деңгээлине байланыштуу көйгөйлөр жөнүндө суроолор берилген жана 20 айыл мектеп директорунун 8 директор билим деңгээли жогору жана башкаруучулук боюнча билимге ээ экендигин, билим деңгээлине байланыштуу эч кандай көйгөйгө туш болбогондугун маалымдашкан. Калган 12 айыл мектеп директорлору башкаруучулук боюнча билим албагандыгын, ушул себептен улам айрым учурларды көйгөйлөргө туш болоорун, ошону менен бирге мектеп директорлору үчүн дагы кандайдыр бир билим деңгээлин жаңыртууга жардам болгон тренинг же болбосо окуу курстары жетишсиз экенинин аныкталган.

### 4.4. Экинчи изилдөөнүн көмөкчү проблемасындагы табылгалар жана аларды талкулоо

Экинчи көмөкчү проблемада, айыл мектеп директорлорунун окуучулар менен болгон көйгөйлөр жана табылгалар. Көмөкчү проблема боюнча изилдөө катышуучуларына суроолор берилген жана айыл мектеп директорлорунун берген жоопторунан маалыматтар чогултулган ошону менен бирге талкуланган.

**Таблица 3.5** Айыл мектеп директорунун окуучулар менен болгон көйгөйлөрү

| | | |
|---|---|---|
| Окуучунун жеке жүрүм-турумуна байланыштуу | Жалган суйлөө (2) | 6 |
| | Себепсиз сабак калтыруу (4) | |
| Мугалим менен окуучунун ортосундагы көйгөй | Мугалимге урмат-сый менен мамиле кылбоо (3) | 3 |
| Мектеп тартибине баш ийбөө | Мектепке талап кылынган форма менен келбөө (5) | 15 |
| | Сабактарга кечигүү (7) | |
| | Ар кандай сабактан тышкары иштерге катышпоо (2) | |
| Окуучулардын ортосундагы өз ара конфликт | 9-10-11-класстардын өзүнөн кичине класс окуучуларына зомбулук көрсөтүүсү (3) | 9 |
| | Башка мектеп окуучулары менен конфликт (2) | |

| | | |
|---|---|---|
| | Класс ичинде окуучулардын конфлиги (4) | |
| Эч кандай көйгөй жок (1) | | 1 |

Окуучулар менен болгон көйгөйлөр боюнча изилдөөгө катышкан 20 айыл мектеп директорлорунун ичинен бир гана мектеп директору окуучулар менен эч кандай көйгөйгө туш болбогондугу аныкталган.

Катышуучу 2. *"Биздин айыл кичинекей жана мектепте окуучу саны дагы аз мындан тышкары жогорку класс окуучулары дагы аз, көп окуучулар райондорго же башка колледж, лицей окуу жайларга кетишет биздин айыл тоо койнунда жайгаштыгына башланыштуу деп ойлойм, анткени бул жакта башка мектеп шаардагыдай шарт жок башка балдардан артта калбасын деп окуусун алмаштырууга мажбур болушат ата-энелер дагы."*

Калган 19 айыл мектеп директорлорунун ар биринде окуучулар менен болгон көйгөйлөргө туш болушаарын тастыкташты.

Окуучулардын жүрүм-турумуна байланыштуу көп жалган суйлөө жана эч кандай себеби жок сабактарды калтыруу же болбосо сабактан качуу көйгөйлөргө туш болоорун тастыкташкан.

Катышуучу 2. *" Биздин мектепте көбүнчө жогорку класстардын окуучулары сабактан белгисиз качып же келишпейт. Ар кандай шылтоолор менен жалган сүйлөгөн окуучулар дагы кездешип турушат."*

Катышуучу 17. *"Окуучулардын жоопкерчилик сезиминин төмөн болгондугунун натыйжасында сабактарга көңүл буруусу начар, кызыгуусу жок себепсиз сабак калтыргандар бар."*

Окуучулардын арасында мугалимдерге, класс жетекчисине урмат-сый менен мамиле жасашпаганынын негизинде мугалим менен окуучунун ортосунда көйгөйлөр бар экенин 3 айыл мектеп директору билдиришкен.

Катышуучу 15. *"Кичине класстарда мугалим менен окуучунун ортосунда көйгөйлөр жокко эсе. Жогорку класстарда мындай көрүнүш тез-тез болуп турат. Балдар жаш курагы чоңоюп жатканына байланыштуубу өзүнүн оюн бербөө,*

*ынжыктанып мугалимдер тарабынан берилген тапшырмаларды аткарышпайт, каршы жооп берип айтышууга чейин барган учурлар дагы бар."*

Катышуучу 11. *" Окуучу менен мугалимдин ортосунда пикир келишпестиктер болуп турат. Бирок биздин мугалимдер окуучулар менен өзүнүн балдарындай мамиледе болуп, көйгөйдөн чыкканы аракет кылышат."*

Окуучулардын мектеп тартибине баш ийбешинин негизинде талап кылынган форма менен сабактарга келбөө, сабактарга өз убагынан кечигип келүү жана ар кандай сабактан тышкары иштерге катышпоо (семинар, концерт) жана башка көйгөйлөр чыгышын изилденген.

Катышуучу 13. *"Окуучулар мектеп формасын кийишпейт, ата-энелер дагы кайдыгер мамиле кылышат бул көрүнүшкө. Көп окуучулар сабакка кеч келишет, кээде сабактар жарымдап калганда же экинчи сабактарга дагы келе беришет. Балдарыбыз билимди зордоо аркылуу өздөрү үчүн эмес башкалар үчүн бизге же ата-энесине окуп берчүүдөй."*

Катышуучу 8. *" Окуучулар эркин формада жүргөндү каалашат. Кыздар шым кийип түркүн түстү кийимдерди кийишсе ошонун негизинде экономикалык абалы начар үй-бүлөлөрдүн балдары бөлүнүп калат. Балдар дайыма спорт кийим менен журсө."*

Мектеп директору окуучулардын арасында өз ара көйгөйлөр, башка мектеп окуучулары менен өзүнөн кичине класстын окуучуларына зомбулук көрсөтүү, класс ичиндеги окуучулардын ортосунда пикир келишпестиктер бар экенин тастыкташкан.

Катышуучу 12. *"Балдар болбогон бир маселе үчүн тирешип урушушат. Бизде жаңы эле окуя болду башка коңшу мектеп окуучулары менен кечинде жолугуп мушташышкан. Себебин сураштырсак бир баланы башка бала сөгүп анан жолугуга сүйлошүп атайын барып мушташышкан. Мындай көрүнүштөр башка мектеп аралык эмес мектеп ичи дагы көп болот. Жогорку класстарда көп. 9-10-11-класстарда мындай көйгөйлөр тез-тез болот."*

Таблица 5.те биринчи көмөкчү проблемасына ылайык жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында мектеп директорунун окуучулар менен болгон көйгөйлөрдүн алкагында пайда болгон көйгөйлөрдү чечүүдө колдонгон ыкмалары.

**Таблица 3.**6 Айыл мектеп директорунун окуучулар менен болгон көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары

| | | |
|---|---|---|
| Ата-эне менен тыгыз байланышта болуу | Ата-энелер менен дайыма чогулуштарды уюштуруу (20) | 37 |
| | Ата-эне менен тыгыз мамиледе болуу (телефон менен байланышып туруу) (17) | |
| Ачык баарлашуу | Ар бир окуучу менен жакын мамиледе болуу (15) | 35 |
| | Балдар менен башка, кыздар менен башка чогулуштарды уюштуруу (7) | |
| | Ата-эне жана окуучу менен биргеликте чогулуштарды уюштуруу (13) | |
| Тартиптин негизинде чара көрүү | Чечилбеген көйгөйлөрдү тартиптин негизинде чара көрүү (13) | 13 |

Таблица 5 те көрүнүп тургандай мектеп директорлору окуучулар менен болгон көйгөйлөрдү чечүү үчүн  көйгөйгө кабылган ата-энелер менен байланышып, кабарлашып, окуучулар менен байланышты ачык кармап, мектеп талаптары менен чечүүгө аракет кылышарын айтышты.

Мектеп директорлору ата-энелер менен байланышып, аларды мектепке чакыруу менен окуучунун абалы тууралуу маалымат берип ата-эне менен тыгыз байланыштын негизинде көйгөйлөрдүн чечилгенин тастыкташкан.

Катышуучу 16. *“ Ата-эне менен телефон аркылуу чалып байланышабыз же болбосо байланыша албай калган учурларда айыл жергесиндебиз жакын баары бири бирине үйүнө класс жетекчи мектеп директорунун жардамчысын жөнөтүү менен байланышып, кандай гана маселе болбосун чечкени аракет кылабыз.”*

Катышуучу 2.*" Мектептин алкагында ата-энелер үчүн чогулуштар ар кандай иш –чаралар уюштурулат. Эгер окуучунун өзгөчө маселеси болсо ата –эне менен жеке баарлашуу аркылуу проблемалар чечилет."*

Окуучулар менен ачык баарлашуунун негизде ар бир окуучу менен жеке суйлөшүү жүргүзүлөт. Кыздар менен башка балдар менен башка чогулуштар уюштурутулуп, талап кылынган убакытта окуучу менен чогу ата-эне менен дагы чогулуштар уюштурулаарын тастыкташты.

Катышуучу 5. *" Мектеп окуучулары ар бир маселесин бизди чечип берүүбүздү талап кылышат, кээде эч кимге ичиндеги болуп жаткан көйгөйлөрун айтпайт ошол үчүн көйгөйлөрдү чечүүдө ар тараптуу аракет кылабыз жеке сулөщүүлөр ата-эне менен биргеликте сүйлөшүүлөр жүргүзүлөт."*

Айыл мектеп директорлору чечилбеген көйгөйлөрдү тартиптин негизинде жаза колдону менен көйгөйдү чечүүгө аракет кылып жаткандыгы тураалуу пикирлерин билдиришти.

Катышуучу 20. *" Мен дайыма биринчи оозеки эскертүү беремин. Чечүүгө аракет кылган методторум иштебесе ошондо гана мыйзам чегинде жаза беремин. Ошентсе дагы майда көйгөйлөр тынч акырын чечилип кетет качан гана чечилбей аргам кеткенде гана бул жолго барамын. Окуучулардын келечеги биздин колубузда болбогон түшүгбөстүктөрдүн жыйынтыгында өмүр бою бул көйгөйлөр көлөкө болуп жүрүшүн калаабайм."*

### 4.5. Үчүнчү изилдөөнүн көмөкчү проблемасындагы табылгалар жана аларды талкулоо

Изилдөөнүн үчүнчү көмөкчү проблемасында "Айыл мектеп директорунун окуучунун ата-энеси менен болгон кандай көйгөйлөргө түш болушат?"- деген суроо боюнча талдоо жыйынтыктары Таблица 7.де берилген.

**Таблица 3.7** Айыл мектеп директорунун ата-энелер менен болгон көйгөйлөрү

| | | |
|---|---|---|
| Жоопкерчиликтин жоктугу | Баласынын (окуучунун) сабагына жоопкерчиликсиз мамиле жасоо (3) | 13 |
| | Чакырылган чогулуштарга катышпоо (6) | |
| | Мектеп жамааты менен тыгыз мамиледен качуу (4) | |
| Негизсиз арызданнуу | Мугалимдин үстүнөн негизсиз арызданнуу (5) | 13 |
| | Негизсиз мектеп программасына жана тартибине нараазычылык билдирүү (8) | |
| Ата-эненин мугалимдер менен болгон көйгөйлөрү | Окуучунун класс жетекчиси мугалим менен бир максатта мамилеге келе албоо (11) | 11 |

Изилдөөдө мектеп директорунун окуучуларындын ата-энелери менен болгон көйгөйлөрүн 3 бөлүмгө бөлүп анализденди. Бул көйгөйлөр окуучунун ата-энесинин окуучуга болгон окуучунун сабагына болгон жоопкерчиликсиз мамиле, ата-эненин мектеп директоруна, мугалимдерге, мектеп тартибине болгон себепсиз арызданнуулар, ошону менен бирге ата-эненин мугалимдер менен болгон пикир-келишпестиктер болуп саналат.

Катышуучу 8. *"Кээ бир ата-энелер балдарынын сабагына, келечигине кайдыгер мамиле жасашат. Өздөрүнүн кызыкчылыктары үчүн себепсиз сабак калтыруусуна жол беришет."*
Катышуучу 4. *"Биз ата-энелерди окуучунун жетишкендиктерин окуучунун сабактары жөнүндө маалымат бериш үчүн чогулуштар уюштурулат. Бирок ата-энелер жоопкерчиликсиздик мамиле менен толук келип катышып берилбейт. Албетте активдүү ата-энелерибиз дагы бар биз менен тыгыз мамиле болуп, окуучунун сабагына дагы да башка жетишкендиктерине көңүл бурушат."*

Мектеп тартибине байланыштуу мыйзамсыз талаптар жана себепсиз арызданнуу, өтүнүчтөр боюнча мектеп директоруна, директор жардамчысына жана мугалимдерге ата-энелер көп кайрылышат. Мектеп директору жана мугалимдер өз

жоопкерчиликтерин аткарууга аракет кылышат. Бирок ата-энелер мугалимдердин мойнуна жүктөлгөн милдет жоопкерчиликтерден дпгы көп нерсени күтүшөт.

Катышуучу 10. *“Мектептин бир кемчилдиги чыгып калса ата-энелер бат эле ызы-чуу кылып арыздануулар менен келишет, бирок тилекке каршы өздөрүнүн ата-энелик жоопкерчилик милдеттерин билишпейт жа аткарышпайт.”*

Катышуучу 5. *“Мектеп жетекчилигинин талаптарына жооп беришпейт. Бирок ата-энелердин талаптары эң жогору. Ар бир класстан ичинен 4-5 ата-эне сөзсүз ушундай көйгөйлөрдү жаратышат. Себепсиз арыздануулар менен мектептин ичинде көйгөйлөрдү жаратышат.”*

Катышуучу 12.*“Окуучу үй тапшырмасын өз убагында аткарбаган учурда же мугалимдин талаптарына бай ийбеген учурларда мугалим менен окуучунун ортосунда пикир келишпестиктер чыгат. Бул көрүнүш жогорку класстарда көп кездешет. Ушул себептерден албетте бул көйгөйлөргө окуучунун ата-энеси дагы туздөн-түз катышат.”*

**Таблица 3.8** Айыл мектеп директорунун ата-энелер менен болгон көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары

| | | |
|---|---|---|
| Ачык мамиледе болуу | Мектепке чакыруу аркылуу жеке жолугушуу уюштуруу (14) | 22 |
| | Ата-эне менен бир максаттуу мамилеге келүү (8) | |
| Мектеп директору өзүн жана мектепти коргоосу | Райондук жана областык жетекчилерден жардам алуу (17) | 17 |

Мектеп директорлордун окуучулардын ата-энелери менен туш болгон көйгөйлөлрдү чечүүдө колдонулган ыкмалар таблица 7де толук баяндалган. Окуучулардын ата-энелери менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүдө ачык баарлашуу, түшүнүү жана түшүндүрүү иштерин жүргүзүп жаткандыгы жөнүндө пикирлерин билдиришкен.

Тыгыз байланыш аркылуу ачык сүйлөшүүлөр жүргүзүп, жолугушууларга, чогулуштарга чакырылып, керек болгон учурда окуучулардын үй-бүлөлөрүн кыдырып, мектептен тышкары убактарда окуучуларды сырттан байкап, мектеп

жамаатына ишенүү сезимин күчөтүү ыкмалары арклыуу көйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылышаарын тастыкташкан.

Катышуучу 6. *"Ата-энелерди мектепке чакырып, телефон аркылуу байланышуу менен кандай гана көйгөй болбосун ортодо сүйлөөшүүлөр жүргүзүлөт."*

Катышуучу 15. *"Биз ата-энелерге ар сайын чогулуштар уюштурулат, катышуу деңгээли орточо кээде төмөн болот."*

Катышуучу 7. *"Көйгөйгө ар тараптуу изилдөө жүргүзүү менен көйгөйду чечүүгө аракет кыламын."*

Айыл мектеп директору өзүн жана мектепти коргоо үчүн айрым учурларда райондук жана областык жетекчилерден жардам аларын тастыкташкан.

Катышуучу 11. *"Мен окуучулардын ата-энеси менен, мугалимдер менен туш болгон көйгөйлөрдө орто бир чечимге келе албаганда мыйзам түрүндө сөзсүз жогорку жетекчилерге кайрыламын."*

### 4.6. Төртүнчү изилдөөнүн көмөкчү проблемасындагы табылгалар жана аларды талкулоо

**Таблица 3.9** Айыл мектеп директорунун мугалимдер менен болгон көйгөйлөрү

| | | |
|---|---|---|
| Милдеттерин, жоопкерчиликтерин аткаруусундагы кемчилдиктери | Берилген милдет, жоопкерчиликтерге баш ийбөө (7) | 14 |
| | Ар кандай шылтоолорду жаратуу (4) | |
| | Талап кылынган кошумча сабак, чогулуштарды убагында өткөрбөө (3) | |
| Конфликт менен байланыштуу көйгөйлөр | Мугалимдер ортосундагы өз ара конфликт (7) | 13 |
| | Атандашуу (4) | |
| | Мугалим менен окуучунун ортосундагы конфликт (2) | |
| Мектеп директоруна туура эмес мамиле | Мектеп директору тарабынан берилген буйруктарга баш ийбөө (8) | 8 |

Мектеп директорлору, катышуучулар мугалимдер менен болгон көйгөйлөрдү төрт негизги ыкма менен изилденди. Мугалимдердин милдет, жоопкерчиликсиздиктин төмөндүгү, жайбаракаттык жана шалаакылык, милдеттерди аткаруудагы кемчиликтерди баса белгиленди. Профессионалдык компетенттүүлүктүн төмөн көйгөйүнө карата мектеп директорунун мугалимдер окуучулар менен эффективдүү баарлаша албагандыгын тастыкташты.

Катышуучу 14. *"Мугалимдер өз милдеттерине кайдыгер мамиле жасашат. Мугалим окуучу менен болгон көйгөйдү чечүүнүн ордуна мектеп жетекчилигине арызданышат. Бул нерсенин натыйжасында  кесиптик компетенттүүлүгү ортого келип чыгат. Мугалим окуучу менен болгон көйгөйдү жетекчилик чечип берүүсүн күтүшөт."*

Катышуучу 18. *"Мугалимдер өз жоопкерчиликтерин аткаруунун ордуна ар кандаң шылтоолорду жаратышат. Жакында эле бир талаптар менен бир мугалимге тапшырма берилген мугалим дайыма мен жасаймын бул учурда башка бироо жасасын деп өзүнүн талабын айтты. Азыркы мугалимдер өзүнүн иши н аткаруунун ордуна ар кандай шылтоолор менен убакытын өткөрүшөт."*

Катышуучу 20. *"Ар бир мугалим үчүн жыл башында план боюнча кашумча сабакт ар, сабактан тышкары иштер, ачык сааттар берилет. Ошол план боюнча иш алып барбаган дагы мугалимдер кездешип турат."*

Чыр-чатактар жана коммуникация көйгөйлөрү боюнча мектеп дирекиорлору мугалимдер менен байланыштын жоктугун жана мугалимдердин ортосундагы ашыкча атаандаштык жана чыр-чатакты баса белгилешти. Мугалимдер гана эмес мугалим менен окуучунун дагы ортосунда көйгөйлөр жаралып турарын тастыкташты.

Катышуучу 19. *"Мугалимдер ар дайым көйгөйлөрдү өз тарабынан гана карашат. Ушул түшүнбөсдүктөрдүн негизинен мугалимдер ортосунда келишпестиктер чыгат."*

Катышуучу 7. *"Ар бир чөйрөдө болуп туруучу атандашуу биздин мектеп жамаатында дагы көп кездешет. Мугалимдердин ортосундагы атандашуулардын жыйынтыгында кээде окуучулар дагы жабыр тартып калган убактар болгон."*

Айыл мектеп директору мектеп жетекчилигине терс мамиле жасоо, жетекчилик кабыл алган чечимдерге каршы чыгуу бар экенин баса белгилешти.

Катышуучу 20. *“Мен мектеп директору катары мугалимдерге берген буйруктарга баш ийбеген убактар дагы болуп турат. Чыр- чатактар дагы болот. Ар тараптуу чечим чыгаруу менен бул маселелер чечилип жатат.”*

Катышуучу 11. *“Мугалимдер үчүн ар кандай жарышуулар уюштурулат, мен катышат деген мугалим мага каршы чыгып, өзүнүн себептерин айтып конкурска башка мугалим катышты. Ушул сыяктуу көрүнүштөр болуп турат.”*

**Таблица 3.10** Айыл мектеп директорунун мугалимдер менен болгон көйгөйлөрдү чечүү ыкмалары

<table>
<tr><td rowspan="2">Ачык баарлашуу жана эмпатикалык мамиле</td><td>Ар бир мугалим менен өз өзүнчө сүйлөшү (13)</td><td rowspan="2">20</td></tr>
<tr><td>Ачык баарлащуу менен оозеки эскертүү берүү (7)</td></tr>
<tr><td rowspan="3">Закон чеги менен укуктук мажбурлоочу бийлик</td><td>Сөгүш берүү (4)</td><td rowspan="3">22</td></tr>
<tr><td>Оозеки эскертүү берүү (6)</td></tr>
<tr><td>Закон чегинде чара көрүү (12)</td></tr>
</table>

Мектеп директору мугалимдер менен болгон көйгөйлөрдү чечүүдө үч негизги ыкманы баса белгилешти. Алар ачык баарлашуу жана эмпатикалык мамиле, мыйзамдуу жана мажбурлоо аркылуу чечүү ыкмаларын табууга аракет кылып жатышкандыгы туралуу өз пикирлерин айтышты.

Ачык баарлашуу жана эмпатиялык мамиле менен көйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылуунун негизинде мектеп директору, жакшы ниет менен мамиле кылуу, мугалимдердин эмпатиясын камсыз кылуу, жекеме-жеке жолугушууларды өткөрүү, мугалимдердин чечимдерин угуу жана бөлүшүү аркылуу чкөйгөйлөрдү чечүүгө аракет кылышып жатканын тастыкташты.

Катышуучу 13. *“Көйгөйлөр менен алышып жүргөн мугалим менен болгон баарым менен угуп ар тараптуу түшүнүү менен чечим чыгурууга аракет кыламын.”*

Катышуучу 14. *“Мугалимдин маселесин чечүүдө менин эскертүүлөргө көңүл бурулбаган учурда мыйзам чегинде сөгүш беремин.”*

Укуктук мыйзам чегинде жана мажбурлоо жолу менен чечим издеген айыл мектеп директорлору мыйзамдарды ишке ашыруу аркылуу, мугалимдерге оозеки эскертүүлөрдү берип, закон чегинде чара көрүшөөрүн тастыкташты.

Катышуучу 2. *“Биринчи кезекте эскертемин катачылыктарын эгер катарын, адаттарын өзгөртпөгөн убакты оозеки эскертүү беремин. Эгер ушундай учурда дагы өзгөрүү болбосо сөгүш берүүгө мажбур болмун.”*

Катышуучу 9. *“Документтердин негизинде ката кетирген мугалимдерге убакыттын баарында көзөмөлгө алып катачылыктарын оңдөбөсө эч ойлонбостон кат түрүндө жаза беремин.”*

# ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Айыл мектеп директорлорунун мугалимдер, окуучулар жана окуучулар менен болгон алар менен башынан өткөргөн көйгөйлөр жана аларды чечүү жолдору боюнча жыйынтыктар.

## 5.1 Айыл мектеп директорлорунун билим деңгээлине байланыштуу туш болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүдөгү ыкмалардын жыйынтыктары

Айыл мектеп директорунун билим деңгээлине байланыштуу туш болгон көйгөйлөрүн изилдөө максатында “ Билим деңгээлинизге байланыштуу кандай көйгөйлөргө туш болуп жатасыз?”- деген суроо коюлган. Сурамжылоонун жайынтыгында мектеп директорлору башкаруучулук боюнча билим албагандыгын, ушул себептен улам айрым учурларды көйгөйлөргө туш болоорун, ошону менен бирге мектеп директорлору үчүн дагы кандайдыр бир билим деңгээлин жаңыртууга жардам болгон тренинг же болбосо окуу курстары жетишсиз экенинин аныкталган.

Bush (1998) изилдөөсүндө, Англияда мектеп директорлору болуп дайындалыш үчүн, "Улуттук кесиптик мектеп башкаруу" деп аталган квалификациялык күбөлүк талап кылынат. 1996-жылы иштелип чыгып, практикага киргизилген бул документке ылайык, мектеп директорлору болууну пландап жаткан мугалимдер кайсы багытта билимге муктаж экени аныкталып, алар аймактык окуу борборлорунда же ачылган ЖОЖдордо керектүү багытта билим алышат. Францияда мектеп директорлору үчүн 3 айлык курс бар, Швеция менен Данияда 20 күндөн ашык курстук программалар уюштурулган (Hillman, 1992).

Korkmaz (2005) изилдөөсүндө, Мектеп директорунун директорлук милдеттин аткаруу үчүн алган билими жөнүндө көйгөй пикирлерин изилдегенде; мектеп директору боюнча берилген квалификацияны жогорулатуу жетишсиз деген пикирлерин билдиришкен.

## 5.2 Айыл мектеп директорунун окуучулар менен туш болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүдөгү ыкмалардын жыйынтыктары

Айыл мектеп директорунун окуучулар менен болгон көйгөйлөрүн түшүнүү үчүн “Окуучулар менен кандай көйгөйлөргө туш болуп жатасыз ?”- деген суроо коюлган. Суроонун жоопторун кантент-анализ менен талдоого алынды.

Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча айыл мектеп директорунун туш болгон көйгөйлөрү; окуучунун жеке көйгөйлөрү, мектеп директоруна жана мугалимге терс мамиле, байбаштык, мектеп милдет талаптарына каршы жүрүм-турум байланыштуу көйгөйлөр бар экени аныкталган. Биз изилдөөнүн жыйынтыктары Aydın (1998) мектеп директорунун мугалимдер менен окуучулардын ортосундагы көйгөйлөрдү изилдеген изилдөөсүнө окшош. Изилдөөдө көйгөйлөр сабакты себепсиз калтыруу, сабакка даярдануу, үй тапшырмасынын жоопкерчиликти албоо, айланасындагыларга физикалык зордук-зомбулук көрсөтүү, мектеп талап кылган форманы кийбөө, жаман адаттар жалган сүйлөө, орой адапсиз жүрүм-турум катары тастыкталган.

Turnüklü, Zoraloğlu & Gemici (2001) мектеп директору жана мектеп ичиндеги окуучуларга байланыштуу көйгөйлөр боюнча изилдөөсүндө; класстагы тартип бузуулар, сабактын болушуна каршылык көрсөтүү, мугалимге болгон терс мамиле жана башка көйгөйлөр бар экени аныкталган. Бул көйгөйлөрдү чечүүдө мектеп директору колдонгон ыкмалар окуучулар менен көйгөйлөрдү чечүүдөгү башынан өткөргөн чечимдер каралган.

Мектеп директору окуучулар менен болгон көйгөйлөрүн чечүүдө окуучунун ата-эне менен тыгыз байланышы, окуучунун ата-энеси менен ачык баарлашуу жана укуктук закон ченемдик ыкмаларды колдоноору аныкталган.

Öztürk (2012) мектеп директору окуучулар менен көйгөйлөрдү чечүү боюнча пикир, ыкмаларына ылайык; мектеп директорунун окуучуларга көңүл бурбоосу, окуучулар арасында жакшы үлгүлүү окуучуну дайыма башкаларга үлгү караты көрсөтүү, окуучуну жоопкерчиликке тартуу, мектеп милдет, талаптарны баш ийүүсү, окуучунун жетишкендиктери, артка калысууларды боюнча ата-энеге маалымат берүү, оозеки эскертүү берүү.

### 5.3 Айыл мектеп директорунун окуучулардын ата-энеси менен туш болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүдөгү ыкмалардын жыйынтыктары

Айыл мектеп директорунун окуучулардын ата-энелери менен болгон көйгөйлөрүн анализдөөдө “Окуучулардын ата-энелери менен кандай көйгөйлөргө туш болуп жатасыз?”- деген суроо берилген.сурамжылоонун жыйынтыгында айыл мектеп директорунун окуучулардын ата-энелеринин жоопкерчиликсиз мамиле, негизсиз арыздануулар, мыйзамсыз талаптардан улам көйгөйлөр жаралуусун тастыкташкан.

Keskinkılıç-Kara & Şentürk-Tüysüzer (2017) мектеп директорлорунун, мугалимдердин жана окуучунун ата-энелеринин пикирлери боюнча изилдөөсүндө окуучунун ата-энеси менен көйгөй жоопкерчиликсиздик жана тыгыз байланыштын жоктугу менен байланыштуу экенин изилдешкен. Memduhoğlu & Meriç (2012) мектеп директорунун туш болгон көйгөйлөр боюнча изилдөөлөр жүргүзгөн. Мектеп директорунун окуучунун ата-энеси менен көйгөйлөрүн изилдеген изилдөөсүндө: ата-эненин мектепке, окуучунун билимине жоопкерчиликсиздик мамиленин төмөндүгү, айрым ата-энелердин балдарынын окуу деңгээлинин төмөндүгүнун себебинен окуучунун билим алуусуна салым кошо албай жаткандыгын тастыктаган. Дагы бир жагдай экономикалык жагдайы жогору болгон ата-энелердин мектеп директорунан негизсиз талаптары жана күтүүлөрү жогору экенин изилдеген. Бул көйгөйлөрдү чечүүгө колдонулган ыкмалар; алар мектеп директору менен тыгыз байланыш, мектеп директорунун маалыматтуулугун жогорулатуу, укуктук, мыйзам чегинде жазалоо сыяктуу ыкмаларды колдонорун тастыкташкан.

## 5.4 Айыл мектеп директорунун мугалимдер менен туш болгон көйгөйлөр жана аларды чечүүдөгү ыкмалардын жыйынтыктары

Айыл мектеп директорунун мугалимдер менен болгон көйгөйлөрүн түшүнүү максатта "Мектеп директору катары кандай көйгөйлөргө туш болосуз?"- деген суроо берилген. Анализдөөнүн жыйынтыгына ылайык, мугалимдер менен көйгөйлөр, окуучулардын ата-энелери менен көйгөйлөр, мугалимдер менен ата-энелердин ортосундагы көйгөйлөр, окуучулар менен болгон көйгөйлөр, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгүнүн төмөндүгүнөн, милдеттерди жана милдеттерди аткаруудагы кемчилдиктер бар экени тастыкталды. Aslanargun & Bozkurt (2012) мектеп директору менен мугалимдердин ортосунда туш болгон көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүүнү максаттаган изилдөөлөрдө окшош жыйынтыктар алышкан. Мектеп директорунун мугалимдер менен болгон көйгөйлөрү; жоопкерчилик сезиминин төмөндүгү, сабакка байланыштуу документтердин өз убагында тапшырбоо, ата-энелер менен тыгыз байланыштын төмөндүгү, мугалим менен окуучунун ортосунда жакын мамиленин жоктугу, жеке жана кесиптик көйгөйдүн төмөндүгү  (Aslanargun & Bozkurt 2012).

Güler (2006) мектеп директору менен мугалимдин ортосундагы көйгөйлөргө изилдөө жүргүзгөн; мектеп директорунун мугалимдерге болгон мамилесинен жана жүрүм-турумунан келип чыккан көйгөйлөр, кесиптик чөйрөдө келип чыккан көйгөйлөр, жетекчиликтин басымынан жана кийлигишүүлөрүнөн келип чыккан көйгөйлөрдү анализдеген.

Karakaş (1999) мектеп директору менен мугалимдеринин байланышы жана көйгөйлөрү боюнча изилдөөсүндө төмөнкүдөй жыйынтыктарды алган;

- Мектептин жетекчилиги жаңылыктарды мугалимдерге өз убагында жарыялап турушат.
- Мектеп директору кабыл алынуучу чечимдерге мугалимдердин катышуусуна көңүл бурушат.
- мектеп директору мугалимдерге бирдей мамиле кылышат.
- Мектеп директору милдет, талаптарды аткарууда мугалимдерге каршы күч колдонушпайт.
- Мектеп директору мугалимдердин пикирин эске алуу менен иш алып барышат.
- Мектеп директору айрым учурларда мугалимдердин жеке көйгөйлөрүн чечүүдө жардам колун сунушат.
- Мектеп жетекчилиги мугалимдин кесиптик өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүшөт.
- Саясий көз караштардан улам мектеп директору менен мугалимдердин ортосунда пикир-келишпестиктер чыгып турат.
- Мектеп директору мугалим менен ачык баарлашуунун негизинде келип чыккан көйгөйдү чече алышат.
- Мектеп директору менен мугалимдин ортосундагы пикир-келишпестиктер айрым учурда окуучулардын жүрүм-турумуна таасир берет.

Бул көйгөйлөрдү чечүү үчүн мектеп директору мугалимдер менен болгон көйгөйлөрүн чечүүдө төмөнкү ыкмаларды колдоно алат; Алар ачык баарлашуу жана эмпатиялык мамиле, маалымдуулукту жогорулатуу, маалымдуулукту

жогорулатуу жана байланышты жогорулатуу, мыйзамдуу жана мажбурлоочу күч колдонуу сыяктуу ыкмалар экени тастыкталган.

Onurlu (2008) мектеп директорунун мугалимдер менен болгон мамилесинде; мектеп директору мугалимдерге мектептеги болуп жаткан окуялар жөнүндө маалымат бериши керек, мектеп директору кандайдыр бир чечим алууда мугалимдер менен пикир алуушусу керек, мугалим менен болгон мамиледе ачык баарлашуу кажет, мугалим менен мамиледе үн тонус жана башка дене тилинин элементтерин эффективдүү колдонуусу шарт, директор дайыма мугалимдин ийгиликтүүлүгүнө көмөк колдоо көрсөтүүсү керек бул нерсе мугалимдин ийгиликтүүлүгүн арттырып, мугалимге мотивация берерин изилдеген.

Bexley (2005) жүргүзгөн изилдөөдө мугалимдерди мотивация берген мектеп жетекчилигинин жүрүм-турумун изилдеген. Бул изилдөөдө мугалимдерге эң көп мотивациялаган алардын кесипке берилгендигин жогорулатканмектеп директорунун лидерлик жүрүм-туруму, ошону менен бирге мектеп директору тарабынан мативициялоочу ыкмалар экени аныкталган.

## СУНУШТАР

- Биринчиден, мектеп директорлорунун кесиби профессионалдаштырылышы керек, мектеп директорлорун тандоо процесси түзүлүп, так критерийлер жана мектеп директорунун талаптарына жооп берген система түзүлүп, функционалдык болушу керек.
- Кызматка киришерден мурда мектеп директорлору үчүн кээ бир квалификациялык тренингдерден өтүп, тажрыйба топтоо менен, адам мамилелери жана коммуникация көндүмдөрү сыяктуу семинарлар менен колдоо көрсөтүү керек жана бул курстар алардын кесиптик квалификациясы үчүн милдеттүү болуп саналышы керек.
- Биргелешкен кызматташтык түзүлүшү керек, анткени мектеп директорлору жана окуу мугалимдери мектептерте бир максат үчүн иш алып барышса, билим берүүдө жылыш болоору тартышсыз.
- Билим берүүнү башкаруу жана көзөмөлдөө боюнча магистратура же докторантурага мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылуу жана бул тармактагыларга артыкчылык берүү.
- Жумуш орундарында кесиптештерди тандоо менен  укугун берүү, анткени команда түзүү натыйжалуулукту жогорулатат.

## АДАБИЯТТАР

Ashton, B., & Duncan, H. E. (2018). A Beginning Rural Principal’s Toolkit. *The Rural Educator*, *34*(1). https://doi.org/10.35608/ruraled.v34i1.405

Aslanargun, E., & Bozkurt, S. (2012). Okul Müdürlerinin Okul Yönetiminde Karşılaştığı Sorunlar. *Gaziantep Üniversitesi Sosyal Bilimler Dergisi*, *11*(2), 349–368.

Aydın, A. (1998). *Sınıf Yönetimi*. Anı Yayıncılık.

Aydoğan, İ., & Kaşkaya, A. (2012). İlköğretim Okulu Yöneticilerinin İletişim Becerilerinin Yönetici ve Öğretmen Görüşlerine Göre Değerlendirilmesi. *Gazi Eğitim Fakültesi Dergisi*, *30*(1).

Balcı, A., & Aydın, İ. (2003). *Anadolu Öğretmen Liseleri Için Okul Yönetimi*. MEB Basımevi.

Başaran, İ. E. (2008). *Türk Eğitim Sistemi ve Okul Yönetimi*. Ekinoks Yayınları.

Bayar, A. (2016). Challenges Facing Principals in the First Year at Their Schools. *Universal Journal of Educational Research*, *4*(1), 192–199. https://doi.org/10.13189/ujer.2016.040124

Bergan, J. R. (2008). Behavioral Consultation. In *Encyclopedia of Special Education* (pp. 265–267). Wiley. https://doi.org/10.1002/9780470373699.speced0265

Bexley, S. M. (2005). *Perceptions of Teacher Motivation by Teachers and Administrators in a Rural Southeastern State*. The University of Southern Mississippi.

Bolam, R. M. (1993). *Effective Management in Schools a report for the Department for Education via the School Management Task Force Professional Working Party*. HMSO.

Bozkurt, S. (2013). *Okul Müdürlerinin Öğretim Liderliği Davranışlarını Sergilemelerine İlişkin Görüşleri*. Düzce Üniversitesi.

Bransford, J. V. (1984). *The Ideal Problem Solver*. Freeman.

Budge, K. (2006). Rural Leaders, Rural Places: Problem, Privilege and Possibility. *Journal of Research in Rural Education*, *21*(13), 1–10.

Bursalıoğlu, Z. (2012). *Eğitim Yönetiminde Teori ve Uygulama*. PEGEM.

Bursalıoğlu, Z. (2013). *Okul Yönetiminde Yeni Yapı ve Davranış*. PEGEM.

Bush, T. (1998). The National Professional Qualification for Headship: The key to effective school leadership? *School Leadership & Management*, *18*(3), 321–333. https://doi.org/10.1080/13632439869529

Çıkar, M. (1997). *Hasan Ali Yücel ve Türk Kültür Reformu*. Türkiye İş Bankası Kültür Yayınları.

Çınkır, Ş. (2002). İngiltere’de Okul Müdürlerinin Yetiştirilmesi: Okul Müdürleri İçin Ulusal Mesleki Standartlar Programı. In C. Elma & Ş. Çınkır (Eds.), *21. Yüzyıl Eğitim*

*Müdürlerinin Yetiştirilmesi Sempozyumu Bildirileri*. Ankara Üniversitesi Eğitim Bilimleri Fakültesi Yayınları.

Cranston, N., Ehrich, L., & Kimber, M. (2003). The 'right' decision? Towards an understanding of ethical dilemmas for school leaders. *Westminster Studies in Education*, *26*(2), 135–147. https://doi.org/10.1080/0140672030260206

Doğan, S., & Koçak, O. (2014). Okul Yöneticilerinin Sosyal İletişim Becerileri ile Öğretmenlerin Motivasyon Düzeyleri Arasındaki İlişki [doi: 10.14527/kuey.2014.009]. *Kuram ve Uygulamada Eğitim Yönetimi Dergisi*, *20*(2). https://doi.org/10.14527/kuey.2014.009

Dogan, S., Uğurlu, C. T., Yıldırım, T., & Karabulut, E. (2015). Okul Yöneticileri ve Öğretmenler Arasındaki İletişim Sürecinin Öğretmenlerinin Görüşlerine Göre İncelenmesi. *Turkish Journal of Education*, *3*(17343), 0. https://doi.org/10.19128/turje.181074

Draper, J., & Mcmichael, P. (2000). Contextualising New Headship. *School Leadership & Management*, *20*(4), 459–473. https://doi.org/10.1080/713696965

Dunning, G. (1996). Management Problems of New Primary Headteachers. *School Organisation*, *16*(1), 111–128. https://doi.org/10.1080/0260136960160110

Erdoğan, İ. (2010). *Eğitim ve Okul Yönetimi*. Alfa Yayınları.

Erol, F. (1995). Okul Müdürlerinin Görevlerini Başarmada Karşılaştıkları Engeller (Burdur İli Örneği). In *Eğitim Yönetimi*. PEGEM.

EURYDICE/EURYBASE. (2005). *The Information Database on Education Systems Europe*. . . Http://Www.Eurydice.Org/ Portal/Page/Portal/ Eurydice/ DB_ Eurybase_Home Erişim Tarihi: 6 Kasım 2006.

Francone, J. (2017). *Systems of Support for Elementary School Principals: A Case Study*. California State University.

Güler, A. (2006). *İlköğretim Okullarında Öğretmen-Yönetici İlişkilerinde Sorun Yaratan Konular*. Sakarya Üniversitesi.

Gümüşeli, A. İ. (2002). *2001 Yılında İlköğretim Okulu Müdürleri Çalışma Ortam ve Koşulları, Sorunları, Bireysel ve Mesleki Özellikleri*. Yıldız Teknik Üniversitesi Vakfı.

Hallinger, P., & Heck, R. H. (1996). Reassessing the Principal's Role in School Effectiveness: A Review of Empirical Research, 1980-1995. *Educational Administration Quarterly*, *32*(1), 5–44. https://doi.org/10.1177/0013161X96032001002

Hillman, J. (1992). The Preparation, Selection and Development of Headteachers. In *National Commission on Education*. Heineman.

Karakaş, M. (1999). *Endüstri Meslek Liselerinde Yönetici Öğretmen İletişimi*. Marmara Üniversitesi.

Karakose, T., Yirci, R., & Kocabas, İ. (2014). A Qualitative Study of the Novice Principals'problems in the School Management Process and Solutions. *Pakistan Journal of Statistics, 30*(6).

Kaykanacı, M. (2003). İlköğretim Okulu Müdürlerinin Yönetim İşlerine Verdikleri Önem Ve Harcadıkları Zaman. *Kastamonu Eğitim Dergisi, 11*(1), 137–158.

Kepner, C. H. (1986). *The Rational Manager* . Kepner-Tregoe.

Keskinkılıç Kara, S. B. (2017). Sığınmacı Öğrencilerin Eğitimi Sürecinde Yaşanan Sorunlara İlişkin Yönetici, Öğretmen ve Veli Görüşleri. *The Journal of Academic Social Sciences, 44*(44), 236–250. https://doi.org/10.16992/ASOS.12138

Korkmaz, M. (2005). Okul Yöneticilerinin Yetiştirilmesi: Sorunlar Çözümler ve Öneriler. *Gazi Eğitim Fakültesi Dergisi, 25*(3), 237–252.

Leithwood, K. A., & Stager, M. (1989). Expertise in Principals' Problem Solving. *Educational Administration Quarterly, 25*(2), 126–161. https://doi.org/10.1177/0013161X89025002003

Levine, M. (1988). *Effective Problem Solving*. Englewood Cliffs: Prentice Hall.

Lingam, G. I., Lingam, N., & Raghuwaiya, K. (2014). Challenges for Rural Schoolleaders in a Developing Context: Thecase of Solomon Islands. *International Journal of Social, Human Science and Engineering, 8*(2), 20–28.

Memduhoğlu, H. B. (2007). Türk Eğitim Sisteminde Okulların Yönetimi ve Okul Yöneticilerinin Yetiştirilmesi Sorunsalı. *Millî Eğitim Dergisi, 176*(36), 86–97.

Mendels, P., & Mitgang, L. D. (2013). Creating Strong Principals. *Educational Leadership, 70*(7), 22–29.

Mozakoğlu, M. (2000). Ortaöğretim Kurumu Yöneticilerinin Eğitim Yönetimine Yaklaşımı. *Marmara Üniversitesi Atatürk Eğilim Fakültesi Eğitim Bilimleri Dergisi, 12*(12), 219–232.

Muse, I., Thomas, G. J., & Newbold, B. (1989). *Becoming A Rural School Principal: A Seven State Study*.

Öztürk, B. (2002). *Sınıfta İstenmeyen Davranışların Önlenmesi ve Giderilmesi*. PEGEM.

Prestine, N. A., & Nelson, B. S. (2005). How can Educational Leaders Support and Promote Teaching and Learning? New Conceptions of Learning and Leading in Schools. *A New Agenda for Research in Educational Leadership*, 46–60.

Preston, J. P., Jakubiec, B. A. E., & Kooymans, R. (2018). Common Challenges Faced by Rural Principals: A Review of the Literature. *The Rural Educator, 35*(1). https://doi.org/10.35608/ruraled.v35i1.355

Retna, K. S. (2015). Different Approaches to the Professional Development of Principals: a Comparative Study of New Zealand and Singapore. *School Leadership & Management, 35*(5), 524–543. https://doi.org/10.1080/13632434.2015.1107038

Robbins, S., & Timothy, A. (2015). *Örgütsel Davranış*. Nobel Yayınları.

Seikaly, L. (2007). *Indicators for Effective Principal Leasdership in İmproving Student Achievement*. School Improvement in Mryland.

Shirrell, M. (2016). New Principals, Accountability, and Commitment in Low-Performing Schools. *Journal of Educational Administration*, *54*(5), 558–574. https://doi.org/10.1108/JEA-08-2015-0069

Şişman, M. (2011). *Eğitimde Mükemmellik Arayışı Etkili Okullar*. PEGEM.

Şişman, M. (2012). *Türk Eğitim Sistemi ve Okul Yönetimi*. PEGEM.

Şişman, M. (2013). *Eğitimde Mükemmellik Arayışı*. PEGEM.

Şişman, M., & Turan, S. (2004). Eğitim ve Okul Yönetimi. In *Eğitim ve Okul Yöneticiliği El Kitabı* (pp. 99–146). PEGEM.

Taymaz, H. (2011). *Okul Yönetimi*. PEGEM.

Toprakçı, E. (2002). *Sınıf Örgütünün Yönetimi*. Ütopya Yayınları.

Türnüklü, A., Zoraloğlu, Y., & Gemici, Y. (2001). İlköğretim Okullarında Okul Yönetimine Yansıyan Disiplin Sorunları. *Kuram ve Uygulamada Egitim Yönetimi Dergisi*, *7*(3), 417–441.

Walters, D. L., & Pickands, D. M. (2000). *Problems of Rural School Administrators: Are They Complicated by the Multi-School Principalship?*. Temple University.

Williams, J., & Nierengarten, G. (2010). Rural Education Issues: Rural Administrators Speak Out. In *American Educational Research Association (AERA)*.

Wilson, A. P. (1982). The Principalship in Rural America. *New Mexico State University: ERIC Clearinghouse on Rural Education and Small Schools*.

Woods, B. T. (2012). *Competency Gaps Among Assistant Principals: Impacts on Satisfaction and Job Role Differentiation*. The University of Texas .

Yıldırım, A., & Şimşek, H. (2011). *Sosyal Bilimlerde Nitel Araştırma Yöntemleri*. Seçkin Yayınevi.

Yirci, R., & Kocabas, İ. (2010). The İmportance of Mentoring for School Principals: A Conceptual Analysis. *International Journal of Educational Leadership Preparation*, *2*(5), 1–7.

Асанов, Ү., & Бекбоев, И. (2004). *Кыргыз педагогикасы (энциклопедиялык окуу куралы)*. Мамлекеттик Тил жана Энциклопедия Борбору.

Шергазиев, А. (2023). *Мектеп Директоруна Менеджменттик Билим Керек*. Https://Kutbilim.Kg/News/Inner/Mektep-Direktoruna-Menedzhmenttik-Bilim-Kerek/.

**РЕЗЮМЕ**

**Жеке маалымат**

**Аты, фамилиясы**: Алмарсбек кызы Айканыш

**Улуту: кыргыз**

**Туулган куну жана жери:** 17.06.1998 / Жалал- Абад, Ала-Бука

**Тел: 0507903399**

**E-mail:** aykanyshalmarsbekkyzy@gmail.com

**Билими**

| Даража | Берген уюм | Бүтүргөн күнү |
|---|---|---|
| Магистратура | Кыргыз-Түрк Манас Университети | 2021 |
| Бакалавр | Кыргыз-Түрк Манас Университети | 2016 – 2022 |
| Орто мектеп | № 5 Ы.Чаңгылор орто мектеби | 2006 –2016 |

**ЧЕТ ТИЛДЕР**: Кыргыз тили; Түрк тили; Орус тили